Скорг
Д 17

**Асылбек МАКСУТОВ**

# ЧАКАН ТАШ





Максүтов Асылбек 1941-жылы Ош областынын мурдагы Совет районундагы "Буйга" айылында туулган. Фрунзе шаарындагы К.Скрябин атындагы айыл-чарба институтун бүткөн. Кесиби зоотехник.

Өзүнүн эмгек жолун 1962-жылы Лейлек районунда зоотехник болуп иштөөдөн баштаган.

1966-жылдан 1970-жылга чейин мурдагы Совет районунун чарбаларында зоотехник, башкы зоотехник болуп иштеген.

1970-жылдан 1985-жылга чейин партиялык кызматтарда, 1985-жылдан - 1992-жылга чейин совхоздун директору, 1992-жылдан - 2010-жылга чейин азыркы Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациясындагы экономика бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 2010-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Үй-бүлөөлүү 8 баланы тарбиялап өстүргөн.

2005-жылы "Токойлуу конуш" аттуу китеби жарык көрүп, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 17

МАКСҮТОВ Асылбек
М 17 Чакан таш. – Б.: Турар, 2011. – 120 б.
+ 16 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-099-7

Жан дүйнөсү поэзия ааламында орун алган акын агабыз Асылбек Максүтов буга чейин жарык көргөн «Токойлуу конуш» деген китеби менен окурмандарга белгилүү.

Ал эми «Чакан таш» аттуу колуңуздардагы жаңы жыйнагында камтылган ырлардын темасы, ар тармактуу, жогорку чеберчилик менен, окурмандарга жеткиликтүү болгон ырларга бай. Автордун бизди курчаган дүйнөнү көркөм кабылдоо менен, ойлорду образдуу, философиялуу берген саптары окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Ал эми китептеги арноо саптары дагы жогорку чеберчиликте жазылган.

М 4702300200-11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-15-099-7

© Максүтов А. 2011.



# «ЧАКАН ТАШКА» чагылган ырлар

Биздин кыргыз элинде көркөм дүйнөгө көрөңгөлүү табити менен келгендер поэзия ааламынан көп учурайт. Балким бул биздин элдин абалтадан ырга жакын жан дүйнөсүнөндүр, ким билет. Айтор башка кесиптин ээси болуп туруп деле ыр тизгинин кошо кармаган от жүрөк адамдар бар.

Алардын бири акын Асылбек Максүтов. Бир нече жылдар мурун анын "Токойлуу конуш" аттуу ырлар жыйнагы басмадан жарык көргөн. Сөз кудурети менен жаралган орошон ойлору ал китепте окурманды өзүнө тартып турат. Ал айыл чарба адиси болгонуна карабай поэзияда өз жолун тапкандыгы ийгилик. А.Максүтовдун экинчи китеби "Чакан таш" деп аталып, мурдагыдан дагы акындын саптары окурманга күчтүү таасир берет. Өзгөчө табигатты поэтикалык штрихтер менен шөкөттөп, көз алдыга сүрөттөй тартат. "Аңкыса жыты Буйганын" аттуу ырынан буга мисал келтирсек болот:

Суулары тунук жылганын,
Суктанып карап тургамын.
Атырдай мага сезилет,
Аңкыса жыты Буйганын.

Эсимден кетпейт эч качан,
Капкан-Таш, Кара-Табылгы.
Козу-улак багып чарчаган,
Коёрго таппай жаныңды.

Адамдын психологиясы баарынан башкача эмеспи. Эмоциялуу, эргүүгө алдырбаган чанда. Жаш өтүп бара жатканын акыл сезгени менен, жүрөк сезбей, жан дүйнө жаш бойдон тура бергиси келет. Улгайып бара жатканын адам артынан өсүп келе жаткан му-

ундарды көрүп, анан араң мойнуна алмагы бар. Мындай сезим Асылбек Максутовду дагы толкундантkan мүнөттөрүн жашырбайт. "Балачагым" аттуу ырынан мисалга тарталы:

Кээ бирде эске түшсө балачагым,
Турмушумда өткөн күндөр мага дайын.
Карысам да бала бойдон калгым келип,
Жашарып бараткансыйм барган сайын,

-дейт акындын жүрөгү. Бирок, баары бир мезгил деген жаш куракты өргө жетелеп баратканын акыл таанытып турганы да чындык. Асылбек ага муну да жакшы түшүнөт. Ошондо дагы калеми менен сыясын тамашага чалдырып, жеңил юморлуу салыштыруу менен "Карылык" аттуу ырында мындайча билдирет:

Эмне кылам, башка түштү карылык,
Кээде калам айткан сөздөн жаңылып.
Жаштыгымды кайра берип өзүмө,
Ыраазы элем кетип калса таарынып.

Акындын кыялы алыска чабыттап турса да турмушта нелер болбойт. Асылбек аганын калеми айрым бир терс көрүнүштөрдү дагы жумшак чымчыган юмору менен окурманды жылмайтат. Мисалы "Мейличи кыздар эрке өссүн" деген ырында мындай саптар бар:

Шым кийсе кыздар кийсе экен,
Шыңкылдап сонун күлсө экен.
Бирок, шыңгытып ичпей аракты,
Сыйы менен жүрсө экен,

-дейт акырын чымчып. Чын да. Кыргыздын кыздарына Кудай өңмей жактарыбызды Асылбек агадай акылгөй агалар айтып турбаса болбос. Албетте, бул жерде ага катары гана эмес, акын катары жаштарды жүрөгүнөн өткөрүп турганы тегин эмес. Акындын жүрөгү ар бир нерсеге делбиреп турат. Ошон үчүн акынды сезимтал деп коюшат эмеспи. Ушундай сезимди анын "Көрдүң беле?" аттуу ырынан учуратууга болот:

Көрдүң беле сүтак деген чымчыкты,
Тыңшайлычы алыс жактан үн чыкты.
Сүтак болуп катып калган таңдайы,
Кокус ушул келе турган кырсыкпы?





Арзуу сезимин жазбаган акын жоктур. Бул тема дагы Асылбек аганын ырларында басымдуу. "Жолугам деп..." деген ырында:

Жолугам деп жолукпадың жыл өттү,
Сагындым го ошондогу мүнөттү.
Макулсуңбу кат аркылуу жөнөтөм,
Сени ойлоп сыздап жүргөн жүрөктү.

Жүрөк байкуш кеткичекти эзилип,
Жүрөлүчү сагынганда кезигип.
Жалыныңа мен оронуп жүрсөм да,
Койбойт сага бир тыйынча сезилип.

Негизинен алганда эле Асылбек аганын ырларында сөз менен иштөөнүн чебердиги байкалат. Жорго сөздүү ыргактар, ага кошумча бир бырс этип күлдүргөн чымчым саптар көп учурайт. Салыштыруу ыкмасы дагы акындын калеминин көрөңгөсүн сездирип турат."Кармадыңбы балыкты" деген ырын окуган окурман муну сезбей койбойт. Мисалы:

Кайырмагын көлгө салган балыкчы,
Чынынды айтчы, кармадыңбы балыкты?
Балык сындуу бир сулууну келет деп,
Күтө берип далай адам зарыкты...

Кандай жагымдуу салыштыруу турат. Бул дагы акындын чебердигинин бир белгиси. Бул сапты окуган адам бир жылмайып алмайын болбосо керек.

А.Максутов поэмалары менен дагы окурмандарды кайдыгер калтырбаган акын. Анын "Кара чунак" аттуу поэмасы элдик ооз эки чыгармалардагы мифтик ыкма менен жазылган. Бул поэманы окуганда мен өзүмдүн Дүмбүрбай Бузурманкулов чоң атамды эстедим. Кичине чагыбызда чоң атамды албарстынын кууучусу катары айылда керек кезинде чакырып кетишчү. Ал тууралуу өзүнчө сөз. Мен бул жерде Кара чунак деген башкы каармандын албарсты кууучусу катары элесин кадимкидей көз алдыма келтирдим. Бу да болсо акындын чебер тилинен болсо керек. Мындай адамдын акылы жетпеген табияттын сырлары турмуштун эле өзүндө абалтадан болуп жүргөнүн ар бир адам окуганда билет. Поэманын аягында мындай элестүү саптар бар:

Ары-бери атын катуу камчылап,
Кара жанын аябастан карч урат.
"Ташта бери сууруп алган өпкөнү,
Жаш келиндин каны турат тамчылап".
-деди дагы чаап кетти колотко,
Чындап эле жоготкону барчылап.

Илгери кара басты деп койчу мындай учурда, төрөй албай кыйналган келиндерди албарсты басат дешип Кара чунактай касиеттүү куучуну алыстан болсо да алдырып келишчү экен. Акын айткандай:

Ал мезгилде дарыгер жок, дары жок,
Айыл эли динге ишенип, көңүл ток.
Куугунчулар Кара чунак сыяктуу,
Көрүнүптүр эл көзүнө кызыл чок.

Биздин ата-бабаларда мына ушундай ырым-жырым дагы салт болуп келгени Асылбек Максутовдун калеми менен кылдат берилген.

Ал эми "Буйгалык келиндин арманы" деген поэмасы формасы жагынан эпстолярдык ыкмада жазылган.

Өзгөндүн кара багынан,
Көрбөсөм сени сагынам.
Өзүмдөн бөлөк бирөөгө,
Эгерде күлсөң таарынам.
Кош болгун эми кат жаз деп,
Катыңды күтүп зарыгам.

Көбүнчө мындай чыгармалар элдик үлгү менен жатык тилде, жорго сөздү шурудай тизип турат. Биздин улуттук адабиятта бул жанр согуш жылдарында көбүрөөк жазылган. Бул поэманын каармандары дагы ички дүйнөсүндөгү аруу сезимин, эңсөө менен сагынычын кат жүзүндө сыртка чыгарышат.

Салындым сары жоолукту,
Санааркап жүрөк оолукту.
Сагынбай кантип калайын,
Сабырым таштан болуппу.

Буйганын суусу шар аккан,
Буурул ат кечип бараткан.
Жеткирер бекен тилекке
Экөөбүздү Жараткан!





Арманым толуп ичиме,
Боздоп ыйлап турамын.
Боз дөбөдө кошулган,
Боюмда калды туягың.

Уулбу, кызбы билбеймин,
Кудайдан калды сураарым.
Убакыт келип көз жарсам,
Сүйүнчү айтып чыгармын.

Чыгармада кандай гана болбосун бир ой, идеянын жарыгынын изи түшүп туруш керек. Бул поэмада акын муну акырында айтат. Анткени, турмуштун оош-кыйыш тагдырлары тирүүлүктүн белгиси. Эч качан адамдын жолу бир нук менен түз кетпейт. Жашоо үчүн күрөштө күтүлбөгөн жолдорго кезигет, мына ошону акын бул чыгармасында таасын чагылдырган. Адамзаттын жашоосунда бардык жакшы тилектер орундала бербестиги мыйзам ченемдүү көрүнүш экенин купуя бүтүм менен билдирген. Баш каарман аскердик кызматтан кайтпай калганы анын жаш жары үчүн, эне үчүн ачуу кайгы болсо дагы анын артында калган туягы бар. Демек, жашоо улана берет. Автордун айтайын деген ою ушул.

Бул китепте акын бардык жагынан төрт тарабы төп ырларды жыйнаган деген ой ашыкча болоор. Албетте, айрым кайталоолор, ыргактардын келки түшпөй калган учурлары, мурда айтылып жүргөн "трактовкалар" ж.б. кемчилдиктер жок эмес. Бирок, иш болгон жерде, ийгилик жашаган жерде гана кемчиликтер болот. Жапыстыктар болмоюнча, бийиктиктер жаралбайт эмеспи. Ошол сымал жалпысынан алганда Асылбек Максутовдун бул ырлар жыйнагы өз окурмандарын таба турган дареметтүү эмгек деп айтаар элем. "Чакан ташка" чагылган ырлардын жылт эткен учкунунун жарыгы өчпөсүн деген тилекти билдирем.

**Бактыгүл ЧОТУРОВА,**
**акын, Кыргыз Республикасынын**
**маданиятына эмгек сиңирген ишмер**

# Ырлар





## *Кара-Кулжам*

Кара-Кулжам мен төрөлүп өскөн жерим,
Түгөнбөс көөдөндөгү демим менин.
Алыста чет өлкөдө жүрсөм дагы,
Кайрат берип тургансыйт Сенин демиң.

Ар дайым тоолоруңду сагынамын,
Оюмда сени көздөй агыламын.
Чакан таш, темиржандай тоолоруңдан,
Сеземин ар түрдүү кен табылаарын.

Сагынам Кашка-Сууну, Үч көлүңдү,
Жайлооңу эстеп санаам үч бөлүндү.
Бала кезден мени өстүргөн кутман жерим,
Эсимден чыгарбаймын кең төрүңдү.

Тоолоруң бар чокуларын ак кар баскан,
Тарыхын айтып бүткүс бир топ дастан.
Кыялды кытыгылап ойлор келет,
Кыялап тоону көздөй бара жатсам.

Кара-Кулжам шоола чачкан айдын таңы,
Бул жерде дайым болгон эмгек шаңы.
Беделбай, Мариш, Шарип, Акимжандар,
Жаратышкан далай ишти жаңы-жаңы.

Көрктөнөт Кара-Кулжам гүлдөй берет,
Бак-таалайды ынтымагы алып келет.
Биримдик ушул элде болуп турса,
Кара-Кулжам дүркүрөп өсө берет.

## Керилип кетмен чаппасак

Келчи курбум иштейличи бул жазда,
Жалкоолонуп жүрө берсек не пайда.
Керилип кетмен чаппасак,
Келишкен таттуу нан кайда?

Тазаланат арык, канал эл колдосо,
Жаз келди. Бак отургуз эч болбосо,
Бабалар айтып кеткен "жаз жарыш" деп,
Жарышта озуп чыккын пир колдосо.

Түшүм болбойт ылайыктуу жер болбосо,
Жерди иштетүү эрежесин колдонбосо,
Жакшылап жаңы ыкмада сугарбасак,
Жер бети көркқө келбейт суу болбосо.

## Ак калпак

Чоң энебиз чебердигин билгизип,
Чекесине кечтелерин киргизип.
Жасап көрүп жарашыктуу Ак калпак,
Койгон экен балдарына кийгизип.

Чоң атабыз кийген экен калпакты,
Андан бери таза суулар канча акты.
Манас, Чыңгыз абаларым кийген деп,
Мен да сыйлап кийип жүрөм калпакты.

Ала Тоого окшойт экен калпагым,
Аны издеп алыстан да таппадым.
Кыргызымдын символу деп белгилеп,
Жоготпостон дайым келет сактагым.





## Кекилик

Чоң атам кийип чепкенин,
Тиктечү тоонун беттерин.
Сайрачу тынбай кекилик,
Томсортпой тоонун кечтерин.

Ал кезди мен да эстедим,
Адырлуу тоонун беттерин.
Алдымдан чыгып жорголоп,
Кекилик учуп кеткенин.

Кайда азыр ошол кекилик,
Кеткен бейм алыс бекинип.
Жөжөсүн кармап жаш балдар,
Кетирген окшойт чекилик.

Атпагыла кекиликти, уларды,
Аны кармоо ушунчалык кумарбы?
Жаратылыш көркү тура карачы,
Сайрап турсун сактайлычы буларды!

## Тийишип көздөр көздөргө

Сүйүктүүм менин теңебейм сени башкага,
Сүйүүмдү менин өтүнөм сенден таштаба.
Чыгаргым келбейт жанымдан,
Күркүрөп күн жаап, чагылган түшүп жатса да.

Чын дилден айтам добушум эмес өзгөрмө,
Ишенчи мага жүрөктөн чыккан сөздөргө.
Тиктечи мени кирпигиң өйдө көтөрүп,
Жалт карап алсын, тийишип көздөр көздөргө.

Ар дайым сенин көзүңдү келет карагым,
Атайлап неге абайлап мени карадың.
А бирок калп айтпай түптүз тиктеген,
Көзүңдү сүйүп, менин да келет карагым.

Тынчыбай көңүл уйкудан безип барамын,
Тапсаңчы сырын ойдогу жүргөн санаанын.
Тиктешиң сенин көңүлдү толук тойгузат,
А балким ошол болгондур мага жагаарың.

## Сулуулар

Жакшы аял деп сүйбөсө,
Жалыны каптап күйбөсө.
Бир тыйынга татыбайт,
Суктанып мырза жүрбөсө.

Өмүрлүк жарың билбесе,
Өкүнбөй шайыр жүрбөсө.
Кимдерге керек сулуулук,
Өкүнтүп жүрсө бир нече.

Сулууну сулуу дейличи,
Суктанткан аппак дейличи.
Сулуулар боюн көтөрбөй,
Көз сүзүп турсун, мейличи.

## Бүркүттөр

Бүркүттөрдүн кыйындыгы ушунда,
Уялары аска зоонун учунда.
Балапанын бага берет жем берип,
Уулуу жылан турса дагы тушунда.





Бүркүттөрдүн тажаалдыгы ушунда,
Үшүбөстөн тоого түнөйт кышында.
Балапанын кыраан кылып өстүрөт,
Туш болсо да эң бир татаал учурга.

Зоодо болот бүркүттөрдүн түнөгү,
Зор болот го ошолордун жүрөгү.
Кармап алса чеңгелинен чыгарбайт,
Кийик эмес колго түшсө бирөөнү.

## Ак чачтар

Бир өзгөртүп койгон өңдүү көңүлдү,
Бир аз гана узарткандай өмүрдү.
Чач агарып, белги берип карылык,
Чындыгында жаш өткөнү төгүнбү.

Өтүп кетти эч билинбей жаш чактар,
Эске салат жаш кезекти ак чачтар.
Карылыкка туш келсе да өмүрлөр,
Жүрөктөрдө кол күйгүзгөн аптап бар.

Шамал сындуу тынымы жок жарышкан,
Бул ак чачтар кайдан келип алышкан.
Иштеп жүрүп өзүм билбей калыпмын,
Өткөн күнгө өзүм калдым айран таң.

Жаш кезекти кимдер айтчы тана алган,
Балким жаштык дал ошого жаралган.
Чачы кара сулууларды көргөндө,
Ойлоп коём "чачы сонун таралган

## Таасир берчү сезимге

Тээ илгери менин бала кезимде,
Тоолор катуу таасир берчү сезимге.
Улар менен кекиликтин сайрашы,
Угулчу эле эрте менен кечинде.

Кекиликтин сайраганы төрт болуп,
Табийгатка турат эле көрк берип.
Тоо боорунда уккулуктуу сайраса,
Сезилчү эле бүткөн боюң өрт болуп.

Азыр болсо табиятты кордодук,
Чынын айтсак ага эгедер болбодук.
Атып жатса кекиликти, уларды,
Бир жолу да тыюу салып койбодук.

Жаратылыш жакыр болуп баратат,
Жеке өздөрү кызыкчылык самашат.
Жаратылыш байлыктарын сактабай,
Чиновниктер кайсы жакты карашат.

Тоо боорунда безеленип сайраган,
Табийгаттын парандасын атпайлы.
Чоң-кичине жаныбардын баарына,
Жашоо берген тоолорду биз сактайлы.

## Ишкабандын сабизи

Сабизи өскөн теректей,
Бериптир элге белектей.
Палоого кошсо бал татыйт,
Сезилет элге керектей.





Барбаган тойго эл менен,
Алам деп түшүм дегдеген.
Жолуктум сулуу келинге,
Сабизин отоп тердеген.

Эңсешет элдин баарысы,
Таттуу деп анын сабизи.
Күрүчүн кошсо Өзгөндүн,
Сезилет догдур дарысы.

Жегенде балдай сезилет,
Ишкабандын сабизи.
Керме тоодо жайгашкан,
Ишкабан жери дал ушу

## Ноокаттын Кара-койунда

Эч нерсе жок жүргөн элем оюмда,
Эрмек салды кубанычты коюнга.
Ээрчишип барып эс алдык,
Ноокаттын Кара-койунда.

Көйкөлгөн жакшы жер экен,
Меймандос сылык эл экен.
Ыраазы болдум ченемсиз,
Болгондой мурда бересем.

Чай сунат шайыр кыздары,
Тиктеши жүрөк туздады.
Тамаша сүйлөйт тартынбай,
Таанышым өңдүү мурдагы.

Сары алтын тизген колдору,
Аткарган көп иш болжолу.
Чыныны сунган колунан,
Кармоого шартым болбоду.

Кара-кой тоосу каңкаят,
Шамалдан элди калкалап.
Эгерде бул тоо болбосо,
Шамалы кетмек талкалап.

Көп экен арча, карагат,
Көп жүрдүм аны аралап.
Күпүлдөп аккан дайрасы,
Кургандай элге салтанат.

Арчанын жыты буркурап,
Түрдүү куш сайрайт чуркурап.
Эс алып жүргөн жаштары,
Бой керип алга умтулат.

Өзгөрткөн турмуш жашоонду,
Кара-кой "ыйык" токойбу?
Жагымдуу таза абасы,
Бейиштин төрү ошолбу?

Арчанын түрү көп экен,
Токойдо жемиш мол экен.
Эс алып дагы келээрмин,
Эгерде болсом мен эсен.





## *Барсыңарбы агайлар*

### Агайым Пазылга

Окуткан агай Кылычбек,
Жүрөмүн дайнын иликтеп.
Жолукса ошол агайым,
Ойлойм жүрөк жылыйт деп.

Эстеймин Пазыл агайды,
Үйрөткөн бизге далайды.
Эгерде жакшы болбосо,
Эскерип аны самайбы?

Эсимде Пазыл агайдын,
"Досум" деп айткан бир сөзү.
Агартуу жактан биринчи,
Буйганын болчу Дүйшөнү.

Агайым Пазыл чоң эле,
Билими күчтүү зор эле.
Түшүндүрсө сабакты,
Мээге куйчу тим эле.

Барсыңарбы урмат сыйлуу агайлар,
Колуңардан өсүп чыкты далайлар.
Сиздерге деп ысык салам жолдошот,
Ошондогу моторайган жаш балдар.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 1173036

## Көчөӊ менен баратып

Сени эстедим көчөӊ менен баратып,
Күтүп сени кетчү эле го таӊ атып.
Эстен кетпейт бак ичинде үйүӊдүн,
Турганыбыз алма бакта жанашып.

Кайда кеттиӊ, тагдырыман адашып,
Жүрчү элек го жылуу сезим каалашып.
Жолукканда көчөлөрдө кээ бирде,
Көзгө урунат ак жоолугуӊ жарашып.
Капысынан жолукканыӊ өзүмө,
Кетпедиби жүрөгүмдү канатып.

## Айтса болмок

Түз сүйлөштү Теӊир тоолук жаныштар,
Убагында баасын берди калыстар.
Үн чыгарбай олтурушту тымпыйып,
Курултайга бизден барган «балыктар».

Айтса болмок Алайкуунун жолдорун,
Азыгы жок элдин ачка болгонун.
Убагында элге көрбөй камкордук,
Алчакташып ат бастырган чоӊдорун.

Айтышпады оор кардын басканын,
Жашоо элге кыйын болуп жатканын.
Тоолуктарга берип койбой жеӊилдик,
Өкмөттүн жай баракат жатканын.

Айтышпады электрдин өчкөнүн,
Анын баасы көтөрүлүп кеткенин.
Жол ачууга техника жетишпей,
Кыйын турмуш баштарынан өткөнүн.





Биз макулбуз боло берсин Курултай,
Келечекти жүрөлүчү унутпай.
Элибизде жашоо, турмуш оӊолуп,
Көп болсунчу айлыбызда курут, май.

## Калтырып бизди...

**Аялын коммерцияга жөнөткөн жигиттин арманы**

Айлыбызда эркек багып балдарды,
Жаштар кетип, кемпир менен чал калды.
Согушта да мындай абал аз эле,
Кимге айтабыз толуп жаткан арманды.

Жакшы багып малын сугарып,
Жаӊылык уксам кубанып.
Азыраак колум бошосо,
Арманым айтып муӊайып.

Унутуп баркын эмгектин,
Калтырып бизди сен кеттиӊ.
Көп жылдар өттү дайныӊ жок,
Кайгыртып бизди дегдеттиӊ.

Алты жыл өттү кабар жок,
Азыр да күтөм көӊүл ток.
Күрөӊ үй кетти сатылып,
Азыкка кетти айла жок.

Камдалган азык түгөнгөн,
Келбедиӊ өзүӊ сүйөнгөн.
Кайдасыӊ айтчы тезирээк,
Кабарыӊ берип бирөөдөн.

Кыйналып жашоо турмуштан,
Жакында саттым эчкимди.
Жашырбай айтчы сырыңды,
Же күйөөгө тийип кеттиңби?

## Карып кетет окшодум

Уйкум келет бүткөн боюм талыкшып,
Уктап жүрүп салымымды кошподум.
Уруунтуктуу жарытылуу иш кылбай,
Ушул бойдон карып кетет окшодум.

Эмне иш кылдым эмгегимди коштумбу,
Сындап көрчү өзүң мага доссуңбу.
Эсептечи мен аткарган иштерди,
Аракеттен бүгүн бир аз бошсуңбу?

Уйкум келет бирөө мени сындаса,
Тагдыр деген татаал тура чындаса
Бардыгы эле боло бербейт жетиштүү,
Эгер турмуш кенендигин кылбаса.

## Ордолуу Ошум гүлдөсүн

Аралап бастым чарчабай,
Сулайман тоонун таштарын
Кубандым жап-жаш балача,
Эсиме түшүп жаш чагым

Өсүптүр бийик үйлөрүң,
Өзгөчө сулуу түндөрүң.
Отуруп уктум кубанып,
Шаңкылдап жаштын күлгөнүн.





Көрсөм деп эңсейт кыйла адам,
Жогору баркың кыйладан
Зыярат кылып суктанып,
Беназир айым сыйлаган

Илгерки таш жол жоголгон,
Асфальтта көчөң оңолгон
Бузулуп кетип жер үйлөр,
Этаждан үйлөр чоңойгон

Оңолдуң Ошум кыйладан,
Өткөндү эстеп кыйналам
Баткагын кечип көчөңдө
Мас жыгылып ыйлаган.

Араба жүрчү эл ташып,
Тар эле көчөң өтөргө
Азыр жок ошол араба
Машина батпайт көчөгө.

Мейличи шаарым гүлдөсүн,
Мезгили аны үндөсүн
Мээримин артып сак болчу
Көз тийип кетип жүрбөсүн.

## Айымдар

Айымдар түндө күйгөн чыраксыңар,
Балдарга дем-күч берген кубатсыңар.
Аларды чоңойтсоңор эркелетип,
Убагында баарыңарды ызат кылаар.

Кезинде секелек кыз болгонсуңар,
Жылдар өтүп ай чолпондой толгонсуңар.
Күйгүзүп мырзалардын жүрөктөрүн,
Керме каш сулуу келин болгонсуңар.

Эрибеген тоодогу ак карсыңар,
Эркектерге түбөлүк бир жарсыңар.
Үйдүн куту, коломтонун ээси болуп,
Турмуштагы жашоонун баарысыңар.

## *Кош бол эми иштеген жер*

Бул столдо он тогуз жыл олтурдум,
Токтом жаздым, кагаз бетин толтурдум.
Жазганым жок жолдомосун бир гана,
Иштеп жүргөн бул жердеги шопурдун.

Кырк тогуз жыл ар кызматта иштедим,
Туура жүрүп, жаман жолго түшпөдүм.
Чыдай албай Капчыгайдын суугуна,
Түшпөдүбү далай жолу тиштерим…
Болсо дагы кыйынчылык жумушта
Аткардык го Өкмөттүн иштерин.

Бир арманым сыйлыгы жок кеткеним,
Айыл чарба мыктысына жетпедим.
Сунуш бер деп киргенимде акимге,
Осмоновдун каршы экенин эстедим.

Кетип жатып эс алууга ардактуу,
Мен сиздерге сөз айтамын салмактуу.
Иштегиле карындаштар, инилер,
Дайым эле боло бербей бир жактуу.

Иштеген жер кош бол эми түбөлүк,
Иштеп жүрүп далай жолу жүдөдүк.
Кылган ишим жаманбы же жакшыбы,
Көңүлүмдө ой калган жок бүдөмүк.





## *Алча кыштагы*

***Буйга айылынын тургуну кайнагам Улуманга***

Токой болгон мөмө-жемиш жайнаган,
Түрдүү куштар тилин безеп сайраган
Мөмөлөрүн бирден үзүп жеп көрсөң,
Жегиң келет кумарланып кайрадан.

Ат коюптур бул кыштакка алча деп,
Чынында эле болгон экен алча көп.
Таттуулугун билип алып алчанын,
Келин-кыздар кетишчү экен алча жеп.

Ушул кыштак кайнагамдын айылы,
Билинбейт го ал кишинин дайыны.
Токтокеде багып жатат көрүнөт,
Кымыз берип жакшы көргөн зайыбы.

## *Ким койду экен*

Толуп жаткан ысымдардын ичинен,
Гулайым деп ким койду экен атыңды.
Тунжурадым, көзүм тойбой карадым,
Согончокко түшүп турган чачыңды.

Табуу кыйын издесең да тааныштан,
Узун чачтуу кыз баланы алыстан.
Өзүң болдуң мага жаккан перизат,
Эң биринчи жолукканда таанышкам.

Эгер көрсө сени биздин жигиттер,
Таазим кылмак мандайына тийип жер.
Узун чачтуу кызды көрсөң көчөдөн,
Кыска чачтан айырмасын билип жүр.

Бойго жетип балакатка жаш толуп,
Табылгадай солкулдасаң ак болуп.
Сени көргөн жигит эмес акын да,
Ырын жазаар келбетине мас болуп.

Мага жакты тиктегениң муңайым,
Мен жактырган назик сулуу Гулайым.
Көп күйгүзбөй жигиттердин жүрөгүн,
Көпкө жашап бактылуу бол ылайым.

## *Бардың беле Үч-Көлгө*

Ээ бурадар бардың беле Үч-Көлгө,
Колкуп жатат Ажикеден түшкөндө.
Бакыт тилеп, бала сурап эл келет,
Байкап көрсөң бардыгы бар Үч-Көлдө.

Оргуп чыгат жерден тунук булагы,
Минералдык заттарга бай курамы.
Жуунсаңыз арыласыз илдеттен,
Бергени го табийгаттын бу дагы.





Түркүн түстүү балыгы бар көлүндө,
Турсаң карап абдан жагат көңүлгө.
Кара деңиз, Балтикада болсом да,
Мындай байлык көрбөптүрмүн өмүрдө.

Келген адам зыяратка кой соёт,
Кармайт балык торун жайып тосмолоп.
Мас болушуп, бөтөкөнү сындырса,
Кейип кетем, "качан ушул токтолот".

Барсаң көлгө таңкы саат сегизде,
Балык ойнойт көл үстүндө тегизде.
Кооздугун сулуулугун бул көлдүн,
Алмашпаймын берсе Кара Деңизге.

Мазар көлдө сейилдөөдөн качпайлы,
Көзүбүздү байлыгына артпайлы.
Таштандыга айланасын булгабай,
Ушул көлдүн тазалыгын сактайлы.

## *Чыкпайт дайым эсимден*

Карасам үйдөн баш багып,
Келатыпсың назданып.
Ыйлаган өңдүү түрүң бар,
Көзүңдү турат жаш чайып.

Не болду сага берекем,
Сөз уктуң беле бөлөктөн.
Ар түрдүү ушак сөз менен,
Чыгарган окшойт керектен.

Калтырып ойду сезимге,
Жаш кезде жигит кезимде.
Түбөлүк бирге болсок деп,
Эңсөөлөр турат эсимде.

Алыска кеттиң журт алып,
Ачкыч жок жүрөк кулптанып.
Ардактуум сага жете албай,
Азыр да жүрөм муңканып.

## Насыят

Чоң энем айтчу келиндерин чакырып,
Уккулачы бардыгынан бата улук.
Таштагыла эсеби жок көпкөндү.
Алып аны көкүрөккө батырып,

Ичпегиле өнөр кылып аракты.
Таштагыла андай жаман адатты,
Бул турмушта ынтымакта бир жашап.
Издегиле улуулукту жана акты.

Кийбегиле күйөөңөрдүн калпагын,
Жакшы жолго алып келбейт арты анын.
Үйдүн куту аял эне көпкөндө,
Өмүр бою көтөрүлбөйт баркы анын.





## Жалгыз өсүп калгамын

*Алыстан келсе жол жүрүп,*
*Сыйлаары болбойт жалгыздын.*
*Ажалы жетип күн бүтсө,*
*Ыйлаары болбойт жалгыздын.*
*Элдик ыр.*

Үзүү кыйын кабатталган арканыңды,
Угуп турчу бир сөздү айтайынбы.
Жалгыз болбой жан шериктин бары жакшы.
Чогуу жүрүп карашат мал-салыңды.

Жалгыз жүрүү оор тура турмушта,
Уктабайсың болсо дагы түн кыска.
Жалгыз Адам эл баатыры болсо да,
Жолдошу жок колу жетпейт жылдызга.
Жалгыз адам жыгылганда күрөштөн,
Ким тургузат башын жөлөп мүнөттөн.
Экөө болсо бирин-бири жөлөгөн,
Келечекте суусун ичет мүрөктөн.

Жалгыздардын кимдер угат арманын,
Сезет беле үйдө жалгыз калганын
Эңсеп жүрүп таап калаар бир күнү,
Түбөлүктүү сүйгөн жарын ардагын.
Каалабаймын жалгыздыкты эч кимге,
Анткени мен жалгыз өсүп калганмын.

## Травматологияда

Бири келет буту сынып кыйкырып,
Кээ бирөөлөр бели ооруп, кол сынып.
Өлкөбүздө согуш деле жок эле,
Ойлоносуң болсо экен деп тынчылык.

Мас абалда машиналар кагышып,
Ичип алып сөз талашып чабышып.
Коркунучтуу жараат алып акыры,
Жөнөйт экен больницага жарышып.

Ооруп жатсаң тааныйсың го акаңды,
Дарылашат сындырбастан сазаңды.
"Тезирээк жаз түшүнүк кат мага" деп
Милициялар алып турат мазаңды.

Көрсө күнөө өзүбүздө турбайбы,
Көңүл буруп себептерин ылгайлы.
Кырсыктардан алдын ала сактанып,
Дарыгердин эмгегин биз сыйлайлы.

## Басып калдык жай гана...

Алтын бешик кагылайын Бишкегим,
Сенде окуп далай сууңду ичкемин.
Нечен жолу капа болуп жүргөмүн,
Каалагандай бүтпөй калып иштерим.

Далай жолу атыр желиң искедим,
Татаал жолдон тагдырымды издедим.
Азыркыдай кенен турмуш каякта,
Ачкалыктан карандай суу ичкенмин.





Мен жаш элем азыркы сен сыяктуу,
Андан бери жылдар өттү, суу акты.
Ар жыл сайын сен жашарып барасың,
Мен караймын чачтагы ак бубакты.

## Мейличи кыздар эрке өссүн

Шым кийсе кыздар кийсе экен,
Шыңкылдап сонун күлсө экен.
Бирок шыңгытып ичпей аракты,
Сыйы менен жүрсө экен.

Угузбай баскан дабышын,
Уурдабай эркек намысын.
Унутпай дайым жүрсө экен,
Улуу сөз элде калышын.

Мейличи кыздар эрке өссүн,
Мезгили аны көрсөтсүн.
Бирок тартынбай тартып алышты,
Таасирдүү шымын эркектин.

## Куруп калсын «ушибиң»

**Райондук ооруканынын травматология бөлүмүнүн башчысы Таир Болотовго**

Мен жыгылдым жоготконум барсынып,
Дене ооруйт кете жаздап жан чыгып.
Байкабастан жыгылганда кокустан,
Бүткүл денем калган өңдүү жанчылып.

Доктур көрүп «ушиб» деди жай гана,
Көңүл бурбай ооруганга жай туруп.
"Ушиб" деген жанчылганы дененин,
Жоготуп мен кээде өзүмдү келемин.

Сөөмөй менен түртүп коёт акырын,
Айтып койбой анын чыккан себебин.
"Ушиб" деле чыдагыс дарт турбайбы,
Түшүналбай мен таң калып келемин.

Там-туң басып жолго чыккан баладай,
Бут шилтенбей калдым айла табалбай.
Дем кысылат өйдө болоор дарман жок,
Жок дегенде кроватка баралбай.
Көздөн учат тааныштардын суроосу,
"Айтчы деги бүгүн сенде ал кандай".

Ушул кезде жардам берди медайым,
Тээ илгертен мага тааныш Бегайым.
"Жатып тур дейт кроватка азыраак,
Дары таап бир айласын кылайын.
Сынган жери болбосо эле болгону,
Азыр барып дарыгерден сурайын".

Деди дагы чыгып кетти шашылып,
Дары таап укол берди ашыгып.
Мээрбандын жумшак колу тийгенде,
Ооруган жер бир аз калды басылып.





## *Жаш улгайып*

Жаш улгайып карып бара жатамын
Жолун жолдоп сенин атаңын.
Биз тууралуу сөз кыласың күбүрөп,
Чечише албай жүргөн өңдүү чатагын

Мен төрөлгөмүн кийинчерээк кападан
Бирге иштедик жаш болгомун атаңан.
Кичүү элем үзөнгүлөш болгонбуз
Алган элем атаң берген батадан.

Ал кезде сен жаш бала элең тажактап
Азыр болсо сөз сүйлөйсүң мазактап.
Кээде гана капа боло түшөсүң,
Чоң кайненең койгон өңдүү казаптап.

Кээде мага теңтуш боло каласың
Жаш келиндер сүйгөн өңдүү баласын.
Мен өзүңдөн улуу жашта болсом да
Байкап жүрчү агы менен карасын.

Кимдер билбейт бул замандын агы менен карасын
Ким сындырат улуулардын сазасын.
Сен тийишсең атаң өңдүү карыга
Айткым келет "баласың ээ баласың".

## Изим калды артымда

**Жубайым Саткынга**

Жоогазындай жадыраган кымбатым
Жагат мага азыркы бир сымбатың.
Жүрөлүчү неберени жетелеп
Жаратканым бизди айрылгыс кылбасын.

Таанышканбыз тээ илгери көктөмдө
Тар курулган көпүрөдөн өткөндө.
Ал кезде сен жаш кыз элең секелек
Мен студент көзүм түшчү көптөргө.

Ал кездеги биз өтүүчү көпүрө
Азыр болсо болбой калды өтүүгө.
Ал көпүрө жылдар өтүп эскирди
Баш ийдирип жаратылыш өзүнө.

Кары кезде жүрөлүчү сырдашып
Калбайлычы бекер эле чырдашып.
Уул-кыздын түзүп берген шартында
Жүрбөйлүбү даңгыр жолдо бир басып.

Улуу сөз бар ушул кезде калкымда
Ынтымак бар, ырыс турат алдыда.
Уул-кызды төрөп бердиң мен үчүн
Жалгыз элем, изим калды артымда.

Ооруп калсам сен чыкпайсың жанымдан
Кабар алып менин акыбалыман.
Карыганда жакшы болот турбайбы
Чал-кемпирдин мамилеси баарынан.





## Карылык

Кайдан келдиң караңгы түн жамынып
Каалабаган өмүрүмдө карылык.
Кулакты алдың, көздүн курчун дагы алдың
Күткөнүм жок сени тосуп зарыгып.

Албайсыңбы көкүрөктө дартымды
Аткарайын сенин койгон шартыңды.
Аябастан ооздогу тишти алдың
Кармасам ээ жалган болсо калпыңды.

Оргуп чыкчу жаш кездеги күч кана?
Барсылдатып сөөк чакчу тиш кана?
Мунун баары карылыктын иши деп
Олтурамын аргасыздан муңкана.

Эмне кылам башка түштү карылык
Кэзде калам айткан сөздөн жаңылып.
Жаштыгымды кайра берип өзүмө
Ыраазы элем кетип калсаң таарынып.

## Ийгилик болсун ишиңде

**Дарыгер кызым Бактыгүлгө**

Пас болбо дайым бийик бол,
Атасын элиң "Алтын кол"
Ийгилик болуп ишиңде
Жараткан берсин ачык жол.

Сарсанаа болуп нетейин,
Максатка дайым жетейин.
Элиңе кызмат кыла бер,
Садагаң гана кетейин.

Башында болсун ак жоолук,
Башкарып иште тең болуп.
Бактылуу жаша түбөлүк,
Алганың менен бир болуп.

Алыска мейли кетейин,
Ашык сөз айтып нетейин.
Аянбай эле иштей бер,
Айланып гана кетейин.

Азамат десин элиң да,
Алкышын айтсын теңиң да,
Ар дайым киндик эне бол,
Ардактап жүрсүн келин да.

Арнадым ушул каалоомду,
Ардактуу сары кызыма.
Ар дайым иштеп ак ниет,
Оюңдун жеткин учуна.

## *Дарт качат дабагери жакшы болсо*

Дарт качат дабагери жакшы болсо,
Жакшылап анализдеп чыкчу болсо.
Дабасын таба албаса ошол дарттын,
Таап алар өз ишине ышкы болсо.

Болгула чоң дарыгер Улукмандай
Эл кызматын аткарып күйгөн шамдай.
Ээ болгула алкышына элиңердин,
Бардыгыңар болуп дайым жарык маанай.





Теңир сөзү эч качан арыбаган,
Дарылаcа айыккан карыбаган.
Ооруганды айыктырып дары менен,
Өз колунда Улукман дарылаган.

## *Тоолуктар*

Суулары тунук башкача,
Абасы салкын таптаза.
Тоолуктун келбейт уйкусу,
Тоо кучактап жатпаса.

Кыраңды атчан ашпаса,
Жоголгон малын таппаса.
Уктабай коёт тоолуктар,
Күлүк ат таптап бакпаса.

Балдары чыкпайт такмаза,
Кыздары сулуу башкача,
Кумары канбайт тоолуктун,
Бир айда улак чаппаса.

Тоолуктардын жигиттери башкача
Көңүлүндө эч кири жок таптаза.
Намыс десе жанын үрөп жүгүрөт
Кыялдары алардын бир башкача.

Тоо тарапта жашагандын мүнөзү,
Таза тура каухардын ташындай.
Коюн союп, чын пейлинен чай берип,
Айтып берет болгон сырын жашырбай.

## Бекер эле

Айтсам да мен жумуштун неченин,
Кээде ойлонуп капа болуп кетемин.
Жарытылуу ыр саптарын жаратпай,
Бекер эле басып жүргөн экенмин.

Жүргөнүмдө ыр саптарын жаратып,
Калбаганда ушул жолдон адашып.
Жазганымда таасири чоң ырларды,
Калбайт белеем Сооронбайга жанашып

Өкүнөмүн акын болбой калганга,
Кайгы басып жүрөм азыр арманда.
Бороондо да ыр куржунун көтөрүп,
Макул элем ашуу ашып барганга.

## Жолугам деп ...

Жолугам деп жолукпадым жыл өттү,
Сагындым го ошондогу мүнөттү.
Макулсуңбу кат аркылуу жөнөтөм
Сени ойлоп сыздап жүргөн жүрөктү.

Жүрөк байкуш кеткичекти эзилип,
Жүрөлүчү сагынганда кезигип.
Жалыныңа мен өрттөнүп жүрсөм да,
Койбойт сага бир тыйынча сезилип.

Ардагым келчи жаныма,
Көз салып иштин баарына.
Жылмайып мени карачы,
Жүзүңдү буруп дагы да.





## Коюп койдум мурутту

Кээ бир күнү жолугушса досторум,
Учурашып сунат мага кош колун
Сакал чыкпайт көсө болдуң дегенде,
Уялгандан чынында эле корккомун.

Эми көрчү мурут чыкты сегиздеп,
Күнүгө эле кырып коём тегиздеп.
Койбойсуңбу эми сакал, мурутту
Эми сени жаратканым унутту.

Деп айтышса тамашалап досторум,
Ошол сөзү мени аябай курутту.
Кээ бир жерде мен өзүмдү жаш сезип,
Секин гана карап коём булутту.

Сөзүңөрдөн коюп койдум мурутту,
Карыдың деп айтканыңар курутту.
Карылыктын алды ушул деп баштайын
Кана кимиң жууп бересиң мурутту.

Кээ бир күнү туш боломун кызыкка,
Саратанда чыдай албай ысыкка.
Мурут майын сактагыла досторум
Алдырбастан адамга эмес мышыкка.

## *Чакан таш*

Чакан таш, чокуларың асман тиреп,
Шаншып коюп бүркүттөрүң учуп жүрөт.
Эгерде мен сүрөтчү болгонумда
Чыгаар беле көз талдырган жакшы сүрөт.

Чакан таш аскаларың ак кар баскан,
Төбөңө тийип турат көкмөк асман.
Жайылса эчки, теке, эликтериң,
Жөн баспай бир биринен жол талашкан..

Жаш кезимден көргөн тоомсуң,
Ардактап бабаларым жүргөн тоосуң.
Бийиктигиң адамдарды таң калтырат
Көрөсүң жакын жерден
Ош сыяктуу жер ордосун.

Бул зоодо буту баскан адамзаттын
Биринчи көргөндөгү менин бактым.
Жайылган кийиктерди көргөнүмдө,
Муңканып таш түбүндө карап жаттым.

Чакан ташты булут катуу каптаса,
Чындыгы бар күн жаардын белгиси.
Калган жерлер турса дагы таптаза,
Адамдардын Буйгага жок келгиси.





## *Ушул жерде сыр барбы?*

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу,
Жакшы иштесе кадрларга такшалуу.
Иштей берсе эринбестен талыкпай,
Ашып кетээр тоону дагы аскалуу.

Бүгүн жаңы белгиленди майрамы,
Чогулушта алдыңкылар "сайрады".
Белгиленди жаңы майрам, жаңы той,
Бекер эле ойлоп жүрбө "кайдагы".

Сыйланышты айыл өкмөт башчысы,
Сыйлык алды "туура жактан" катчысы.
Берсе болмок баалап туруп эмгегин,
Кимде болгон бул сыйлоонун ачкычы?

Чогулушта алдыңкылар сүйлөдү,
Бардык элди жакшы иштөөгө үндөдү.
Сыйлангандар көктү карап магдырайт,
Көрүнүш жок эң жөнөкөй күндөгү.

Камбараалы, Мамадаалы сыйланды,
Тажимамат, Каныбектер кур калды...
Тегизирээк бөлүшпөдү сыйлыкты,
Капырай ай, ушул жерде сыр барбы?

## Тилегим

Поэзиянын дайрасы болуп аксам дейм,
Шумкары болуп канатымды каксам дейм.
Нуру болуп ааламга,
Түрдүү нурду чачсам дейм.

Ар дайым ырды бапестеп,
Өз балам сындуу баксам дейм.
Ажарын ачып кулпунтуп,
Бактымды андан тапсам дейм,
Эмгегим арнап элиме,
Ашуусун белдин ашсам дейм.

Иштесем да караңгы эмес жарыкта,
Калаар бекем, ырым менен тарыхта.
Ыраазы элем менин жазган ырларым,
Замандарды, доорлорду карытса..

Поэзия сүйөм сени жанымдай,
Болсоң дагы жанып турган жалындай.
Тагдырыма туш болупсуң түбөлүк,
Бир мен үчүн алоолоп күй жалындай.





## Шыбырайт толкундары Ысык-Көлдүн

Керилип жылуу сууңа серпилейин,
Кучактап кучагыма келчи дейин.
Тагдырыма Жаратканым буюруптур,
Өмүрүм өткүчөктү келсем бейм.

Жагымдуу таза тура, сууң мүрөк,
Жуунуп ар улуттан адам жүрөт.
Жаш куракта, сага келип эс алалбай,
Арманда жүрөт азыр кайран жүрөк.

Мен бүгүн бир өзүңө келдим жаңы,
Сезилип сууң эмес, абаң дары.
Өзүңө бир керемет бар өңдөнөт,
Кеткиси келбейт экен адам дагы.

Мен мурда эс алууга келсем дагы,
Кетиптир өзгөрүлүп баары жаңы.
Шыбырайт толкундары Ысык-Көлдүн,
Күйгөндөй ар бир жанда Рух шамы.

## Эс алуучу жайы болуп...

Сууң тунук абдан таза кашкайып,
Далай сулуу кетсе керек жүз чайып.
Даңктай берем өмүр бою өзүңдү,
Келечекте кайра өзүңө кылчайып.

Абаң таза бүткөн бойду сергитет,
Кытыгылап көңүлүмдү эргитет.
Каалгасы ачылса деп Көлүмдүн,
Мен сыяктуу эс алуучу эл күтөт.

Сен жөнүндө канча акын жазбаган,
Адам көптүр кирингенде мактаган.
Шыпаа берип оорусунан айыгып,
Пенде жоктур сага алкыш айтпаган.

Сен Ысык-Көл берметисиң кыргыздын,
Бардык элге чоң рахат тургуздуң.
Атың кетти бүт ааламга таралып,
Эс алуучу жайы болуп Чыңгыздын.

Ысык-Көлдү сүйгөн акын Алыкул,
Өзгөрүлбөй турат Көлүм дал ушул.
Айланасын таза кармап сактоого,
Ишенгиле, кыргыз калкым келди учур.

Жылда келип, мен эс алып жатамын,
Башка менен болбой такыр чатагым.
Көл жээгине таштандылар чогулса,
Булгаба деп, мен ошого капамын.

Ак чардактар көлгө келип чөмүлсө,
Ысык-Көлүм көргүм келет өзүңдү.
Көлдүн жээги таза болсо канчалык,
Көрүп турсун кыргыз аттуу өңүңдү.

Кыргыз элим Ысык-Көлдү барктайлы,
Жакшы карап тазалыгын сактайлы.
Ар жыл сайын эс алууга келалбай,
Дүйнө калкы ыза болуп жатпайбы?





## *Москвадагы кыргыз коммерсанттарга*

**Уулум Эльдиярга**

Ташып келип товарлардын таңкысын,
Тынымы жок катуу иштеп жай-кышын.
Тартыштыгын билип ушул жашоонун,
Таап алдыңар турмуштун бир "ачкычын".

Орус тилин толук билбей кыйналып,
Оор иште далай жолу сындалып.
Жер шартына көналбастан далайга,
Жүрдүңөр го араң басып ыргалып.

Милицияны чакыргандай атайы,
Тилдээр эле "кайдан келдиң жапайы?".
Камап коюп бөлүмчөгө алпарып,
Катуу өткөн шапкечендин азабы.

Милицияга түшкөн эле көп адам,
Документсиз жүрөсүң деп кыйнаган.
Айып салып кыстаганда "төлө" деп,
Ата Журтун эстеп балдар ыйлаган.

Кыргызстан эркин заман курганда,
Оор турмуш башка түшүп турганда.
Баатырларча жашоо жолун таптыңар,
Жардам берип алыс, жакын тууганга.

Азыр башка кыргызымдын жаштары,
Жеке ишкер, курулушта калганы.
Так аткарып коммерсанттык жумушун,
Москванын болуп жатат ардагы.

Бүгүн көрсөң баары калган өзгөрүп,
Таң каласың карап туруп көз көрүп.
Ар бирине бардар жашоо байырлап,
Бардык ишке боло алышат тең шерик.

Эсен болсун Москвада жашаган,
Кыраан куштай кыргызымдын жаштары.
Өмүрүңөр узун болсун дайыма,
Элестеткен бүркүт конгон асканы.

**Москва ш., октябрь 2010-ж.**

## Үнү мага угулат

Көлдүн жээги, басып жүрөм жай гана,
Мээлүн шамал тып-тынч турат айлана.
Ысык-Көлдүн толкундары жыбырап,
Жакшы тилек айткан өңдүү пайдама.

Долуланып толкун жээкке урунат,
Өркөчтөнүп анын түрү кубулат.
Көл жээгинде ыр окуган тариздe,
Алыкулдун үнү мага угулат.

Толкун жүрсө окшойт тоонун белеси,
Жүргөн өңдүү саякатта кемеси.
Ыр окуган Шекспирдей күч менен,
Көрүнгөнсүйт Алыкулдун элеси.

Ак чардактай Көл үстүнө коналбай,
Армандамын көлгө жакын болалбай.
Көлгө арнап ыр саптарын көбүрөөк,
Алыкулга таазим этип коё албай.

**«Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясы, ноябрь, 2010-ж.**





## Көңүлүм калды арактан

Улуу же кичүү дебестен,
Уялбай ушак тараткан.
Ушуну менен кол үздүм,
Уяты жок арактан.

Карабай ичип чамама,
Кайгы муң түшпөй санаага.
Карбаластап сени ичип,
Каршы болдум балама.

Суу ичкенсип сени ичип,
Убайым тарттым далайга.
Урушуп күндө мас болуп,
Уят да болдум балама.

Сени ичип жүргөн кезимде,
Өткөрдүм күндүн неченин.
Ден соолук үчүн деп жүрүп,
Өмүрдү жеген экенмин.

Күлгүн жаштык куракты,
Билбеймин кайда таштадым.
Буту кол катуу тырышып,
Тез картая баштадым.

Азыр мен башка ойдомун,
Аракты ичпей койгомун.
Өткөрсөм деген тилек бар,
Неберелердин тойлорун.

Көчөгө чыгып баратсам,
Кол булгайт туш-туш тараптан.
Көөдөнүм толуп кайгыга,
Көңүлүм калды арактан.

Кекээрлүү сөздү көп айтып,
Капа кылдым апаңды.
Көп сөз жок эми оңолот,
Кечиргин балам атаңды.

## *Дос улуу*

**Уулум Абдилнабилге**

Жүрөгүнө жүрөк каны кошулуу,
Байкап көрсөң бардыгынан дос улуу.
Кан төгүлгөн кыргын майдан болсо да,
Сен эч качан таштабай жүр досуңу.

Тээ илгертен айтылат,
Дос Кудайдын аты деп.
Сый-урматтоо бир-бирине артылат,
Ортолуктан чыкпай турса ушак-кеп.

Бирөөлөр бар байлык үчүн дос болот,
Кээ бирөөлөр аял үчүн дос болот.
Жан-жөкөрлөр эки досту куттуктап,
Арак ичип, шаан-шөкөт коштолот.
Эгер болсо котур ташы койнунда,
Ошол досуң өзү жүрүп жок болот.

Күйгүзө албай жатсаң дагы отуңду,
Берекелер ырыскыңа кошулду.
Кыялыңа кыялдары жарашса,
Өмүр бою таштабай жүр досуңду.





Кокус кирсең ушакчынын тилине,
Капа кылба байкабастан досуңу.
Кыйын кезде жөлөк болоор ар дайым,
Дайым сыйла чын дилиңден ушуну.

## *Нан ыргытат*

Көлдүн жээги, күн отурар маалында,
Жигит жүрдү келинчеги жанында.
Ак чардакка нанды жатты ыргытып,
Жаш баласы калса керек айылда.

Эс алганы келген элем жайында,
Ысык-Көлдүн бышып турган маалында.
Ак чардакка нанды ыргытат "нааданы",
Эс-акылы болсо дагы жайында.

Макул элем, ошол жигит тилдесе,
Сурабайбы нан тарыхын билбесе.
Бир сындырым нан табалбай ачкадан,
Тээ илгери адам өлгөн бир нече.

Нанды сакта, убал болот деп айткан,
Көп укканмын бабалардын сөздөрүн.
Нан табылбай ачка калып жегенге,
Көргөн элем наристелер өлгөнүн.

Аштыкты жыйнап машактан,
Ата-эне чыкса кашаттан.
Тойот деп курсак буюрса,
Сүйүнүп көздөн жаш аккан.

Балдарды эмес чоңдорду,
Ачкалык катуу кыйнаган.
Бышканын көрүп арпанын,
Абышка, кемпир ыйлаган.

Согушка кетип аталар,
Көбөйүп санаа, капалар.
Оодарып жерди айдашкан,
Ат кошту кармап апалар.

Уруксат бербей машакка,
Уурдашпай эгин кашаттан.
Балдарын эптеп багалбай,
Ата-эне түшкөн азапка.

Бил жигит нандын убалын,
Келиптир сезчү убагың.
Байкоо сал кары сөзүнө,
Билбесең дагы сурарсың.

## Сөз менен койдуң гүлдөтүп

Шайлоодо чоңду этектеп,
Шайы ооган жакты жетектеп.
Калкалап жүрдүң бир топ жыл,
Көз тийип кокус кетет деп.

Чоңдорду жактап сүйлөдүң,
Чоң ишке элди үндөдүң.
Жалганың чыгып калаарын,
Тыптыйпыл такыр билбедиң.

Айтылган сөзүң чын беле?
Акыйкат жагы кимде эле?
Айланттың башын элиңдин,
Чоңдордон алып бирдеме.

Сүйрөштү чоңдор далай жыл,
Өздөрүн жактап сүйлөтүп.
Жетиштүү баары бизде деп,
Сөз менен койдуң гүлдөтүп.





Мен корком азыр аябай,
"Дежур чал" болуп калам деп.
Ниетим бар элдин ичинде,
Түз жолдо басып барам деп.

## Жарыкты сен көргөздүң

**Чүй облустук ирилештирилген
ооруканасынын көздүн
микрохирургиясы бөлүмүнүн
башчысы, медицина илиминин
кандидаты
Эгембердиев Максат Базаркуловичке**

Жазуу кыйын көрбөгөндү көз менен,
Айтылбайт го көрбөй турсаң сөз менен.
Бул дүйнөдө жашагандын баарына,
Керек тура шам чырактай көз деген.

Көзүң барда бул жашоонун нурусуң,
Сары алтындай сезилгенсийт турушуң.
Эгер көзүң көрбөй калса жарыкты,
Караңгыда жашаганың курусун.

Көз ачылбай, бейиш дүйнө элестеп,
Күтүп жатсам "аңкир-мүңкүр" келет деп.
Көзүмдү ачып, жарыкты өзүң көргөздүң,
Дарыгерден сага болсун белек деп.

Аппаратта текшергенде көзүмдү,
"Катаракт" деп уктум айткан сөзүңдү.
Кантип эле азиз болуп калам деп,
Кайгы басып жаман сездим өзүмдү.

Коркkондуктан денем ысып от болуп,
Кала жаздап жүрөк байкуш токтолуп.
Берген дарың жай баракат көзүмө,
Тийип жатты ал ооруга ок болуп.

Жүрсө да балдар каржылап,
Каламбы көздөн ажырап.
Түшүнбөйм эмне болгонун,
Көрүнбөйт мага жер жылат.

Балдарым турат башымда,
Кыздарым болсо кашымда.
Кыйнаган экен жетимдик,
Кургатып көздү жашымда.

Жесе да арам, адалды,
Жек көрбөй жүрдүм адамды.
Душманга көзүм түз эле,
Кеңири таштап кадамды.

Тилим жетпейт кененирээк алкоого,
Татыктуусуң бир өзүңдү мактоого.
Тилектешпис ооругандар баарыбыз,
Докторлугуң ийгиликтүү жактоого.

Мен алыстап кетсем дагы ыраактап,
Турпат-сының эсте турат кылыктап.
Сылык экен оорулууга мамилең,
Максат иним миң мертебе ырахмат.





## *Сая Терек*

Кутман жерим мен чоңойгон Сая Терек
Сагынып таң эртелеп барат элек.
Аваңдын тазалыгы укмуш эле
Дем алып кере жутуп алат элек.

Сүйүктүү айылым менин Сая Терек
Сулуулукту бербептир го сага ченеп.
Селкинчек салып алып терегиңе
Секин тээп чоң кумардан канат элек.

Талаада жайнап жаткан гүлдөрүң ай
Тергенде көңүл бурчу өзүнчө жай
Ал жердин карагаты, кымыздыгы
Байлыгы укмуш эле кендерге бай.

## *Чарчаган кезде эстей жүр*

**Кудам Эрмекке**

Чакырган катты кеч алып,
Чалмага келдик бет алып.
Чаң жолун басып Буйганын,
Үч-Көлгө келдик кыйналып.

Аткарбай койбойт бар ишти,
Абайлап сүйлөп жок ишти.
Мактабай кантип коё алам,
Дөкөнтай, Абдиш, Мелисти.

Жарашат минсең тору атты,
Көрөсүң жаман адатты.
Конокко бизге келди деп,
Ичпейсиң берсем аракты.

Артыңды улам карайсың,
Айтчы сен нени самайсың?
Аянбай ичкен кымызга,
Аракты кошсом "калайсың"?

Жашаган жериң Жапалак,
Жакшы жер болуп аталат.
Барганда бизди чиркейиң,
Койбосун кокус такалап.

Издебей себеп жүйөөлүү,
Илинтпей башка бирөөнү.
Ичели кымыз чогулуп,
Каттатып үйдө бүлөөнү.

Элдияр уулум кымбатым,
Келиним Сейде сымбатым.
Карыдык эми экөөбүз,
Ошолор бизди сыйласын.

Жек көрбө салтты, адатты,
Жеткире билип санатты.
Чарчаган кезде эстей жүр,
Буйгада Үч-Көл тарапты.





## *Кашка-Суу жайлоосунда*

Көк чыкса шибер жайында,
Көрк берет толук айылга.
Көңүлүң сергип куунасын,
Келип кет биздин айылга.

Жолугам десең дайыма,
Жоролор биздин айылда.
Күтүшөт кымыз даярдап,
Жол берип дайым Сабырга.

Жаппастан эшик пардасын,
Шорпонун берет зардасын.
Козусун союп күтүшөт,
«Келчи деп тууган кайдасың?»

Козусун берет энчилеп,
Көңүл кош болбой келчи деп.
Кымбаттап тосуп алышат,
Кымыздан ичип берчи деп.

Ардактап тосот жер эне,
Ашыгып койбойт теги эле.
Үч көлү сүйлөйт шыбырап,
Айткансып жакшы бирдеме.

Көрк бербей бүгүн канчалык,
Тоолору турат аркайып.
Кылымдар турган карт тоолор,
Айтышпайт сырын анчалык.

Ак кайың, арча, карагай.
Абайлап бассаң аралай.
Аңкыган гүлдү жыттасаң,
Өзүңдү сезип баладай.

Аябай таза суулары,
Тоосунда сайрайт улары.
Түгөйүң менен бир жүрсөң,
Таркабайт жаштык кумары.

Мен барган жайлоо Кашка-Суу,
Тар суусун артка таштачу.
Көркөмү анын башкача,
Соң-Көлдү артка таштачу

## Сыр турат...

Эгин калды сугарылбай, чабылбай,
Эрмектөөгө адамдарың табылбай.
Эркек болуп бой көтөрүп жүрсөк да,
Болбойт тура келинчегиң барындай.

Шылтоо таап бекер эле таарынбай,
Шыпаа болчу чоң дарынын барындай.
Алыс кетсе келинчегиң үйүңдөн,
Койбойсуң го аны эстеп сагынбай.

Жашоо болсо эриш-аркак ынтымак,
Баргың келбейт кошунаңа ун сурап.
Бул жашоодо жетишпестик болсо да,
Ынтымакта ат көтөргүс сыр турат.
Үй-бүлөдө келишпестик көп болсо,
Таттуу турмуш өзү кетет быркырап.





## Сары-Челек

Көрүүгө бүгүн келдим таң эртелеп,
Көйкөлүп жаткан экен Сары-Челек.
Жагымдуу кооз тура айланасы,
Эс ал деп бергенсиди мага белек.

Сууңдун тазалыгы башкача экен,
Кыз болсо кылыктанып турмак бекен.
Келгендер ушул көлгө кызыгышып,
Суктанып "сугун" таштап кетпесе экен.

Көл үстүнө Айдын тийсе жарыгы,
Сууда жүрөт түрдүү балыгы.
Кооз экен арча, кайың, карагай,
Карап туруп көзүм талыды.

Сары-Челек кооз десе кошуламын,
Сулуу кызын элестеп кошунамын.
Кетпесин деп келгендердин көзү тийип,
Эмнегедир ойлонуп чочуладым.

## Көрө албастык

Көрө албастык кайдан жуккан кыргызга,
Кең пейилдүү эл болсо да турмушта.
Бабалардан калса дагы илгерки,
Баш оорутуп айткым келбейт тил кыска.

Көрө албастык келген экен уялап,
Кыргыздардын тээ илгертен жүрөгүн.
Терс кыялын ким батынып буза алат,
Эл катары мен да билбей жүрөмүн.

Чоң ийгилик жаратышса бирөөсү,
Аткарылып оюндагы мүдөөсү.
Жок кылышат көрө албастар бут тосуп,
Болбосо да бул турмушта күнөөсү.

Жазса дагы бул турмуштун чындыгын,
Айтышпады "кемчилдиги бар мунун".
Көрө албастык тоскоол болуп Чынгызга,
Бергизбеди Новел сыйлыгын.

Эгер билсем айтпайт элем акылды,
Көрө албастык ушунчалык бакылбы?
Жарандарга эмгек кылган ченемсиз,
Көзү өткөн соң беришүүдө баатырды.

Болбойт беле тирүү кезде тагынса,
Төш белгиси эмгегине кабылса.
Эмгектенип эли үчүн талыкпай,
Эл баатыры экендиги табылса.

Эсепке алып койгум келет бул ишти,
Көрө албастык ушунчалык зор ишпи.
Убагында ак эмгеги бааланса,
Аткарышаар улан-кыздар көп ишти.

## *Көрдүң беле*

Көрдүң беле сүтак деген чымчыкты,
Тыңшайлычы алыс жактан үн чыкты.
Сүтак болуп катып калган таңдайы,
Кокус ушул келе турган кырсыкпы?

Жайлоодомун үнү угулат безилдеп,
Сайрап жаткан сүтак деген чымчыктын.
Таң аткыча безеленип сайраса,
Символундай биз каалаган тынчтыктын.





Сүтак үнү бизге тааныш баарынан,
Кызга окшоп ал да назик абыдан.
Анын үнүн уккан сайын кубанып,
Эске түшөт таанышкан кыз жаңыдан.

Сүтак неге сайрайт дайым түн ичи,
Анын дагы болгон окшойт күйүтү.
Капа болуп кетип калган өңдөнөт,
Өмүр бою сүйүп жүргөн жигити.

Андай эмес ал башкача багыттыр,
Кылган ишин эл көзүнчө таныптыр.

Сүткө дайым сууну кошуп сатканын,
Коңшулары чогуу кармап алыптыр.
Элдин айткан каргышына кабылып,
Сулуу келин сүтак болуп калыптыр.

Өмүрүндө жарык көрбөй маңдайы,
Түн ичинде кургайт экен таңдайы.
Сүт ичкенде,
Таң атаарда бир тамчы сүт ичкенде,
Жазылат дейт сүтактын бир арманы.

## *Биз турабыз*

Эч ким жоктур бул жашоодон түңүлчү,
Куттуу болсун демилгеңер бүгүнкү.
Тургунбайдын эгер аты коюлса,
Кубангандан айтаар элем сүйүнчү.

Келгилечи бүгүн аны мактайлы,
Кандай ал деп бекер санаа тартпайлы.
Эмгеги бар Ата-Журтка белгилүү,
Ырларын биз түбөлүккө сактайлы.

Элге кылган ак эмгегин барктайлы,
Атын анын калтыруудан качпайлы.
Кечээ эле кой кайтарган чабандар,
Бүгүн эле атын коюп жатпайбы?!

Бекер эле отурбастан уялып,
Көрөлүчү жогор жактан суранып.
Алыкулдай, Байдылдадай бар эле,
Койгон окшойт эстеринен чыгарып.

Бүркүттөрүн таптагандай мүнүшкөр,
Бул иш үчүн талпынгыла жигиттер.
Жалгыз эле калтырбастан силерди,
Биз турабыз какшаганча жиликтер.

## Коммерсанттан алып кал

Оо жеңеке!
Күйөө бала келди үйүңө,
Тосуп алчы аны сүйүнө.
Каада-салтты айта бербечи,
Катып калсын ошол дүнүйө.

Оо жеңеке, бизди караба,
Начарбы деп күмөн санаба.
Көп жыл болду күчтүү коммерсант,
Кемчилдик жок күйөө балада.

Жолугушса жүрөк этер зырп,
Кечикпесин кызды алып чык.
Тиешенди коммерсанттан алып кал,
Шылтоолобой өзүң кошо чык.





## Аңкыса жыты Буйганын

Суулары тунук жылганын,
Суктанып карап тургамын.
Атырдай мага сезилет,
Аңкыса жыты Буйганын.

Өрүктүн суусу таптаза,
Өң-түсү анын башкача.
Жарашат тура аябай,
Сулуу кыз жүзүн чайкаса.

Чакан-Таш тоосу көк тирейт,
Жайында бизге келчи деп.
Жайдары мүнөз мейманга,
Берсем дейт малдан энчилеп.

Жогору турат Кашка-Суу,
Жылгадан түшөт муздак суу.
Чокудан кушту кармоого,
Чоң атам торун таштачу.

Сагындым Кыргый-Булакты,
Кыр жактан таза суу акчу.
Эсимде турат Көк-Кыя,
Чабандар коюн чубатчу.

Эсимден кетпейт эч качан,
Капкан-Таш, Кара-Табылгы.
Козу, улак багып чарчаган,
Коёргo таппай жанынды.

Эстеймин Ботмон-Колотту,
Кайтарган койду жоготчу.
Аксайдан келип карышкыр,
Аябай койду тонотчу.

Токойлуу конуш тынч эле,
Жайыттын жакшы сырты эле.
Койлорду жайып колотко,
Уктачу элек шарт эле.

## Чалма айылынын эмгек ардагери Мөктаев Упабекке

Кырк беш жыл иштеп талыкпай,
Сүйлөдүң сөздүн нечении.
Жабышып жүрдүң бир топ жыл,
Ташкулдун кармап этегин.

Кызылды көрсөң кылчактап,
Келин-кыз көрсөң кыйшактап.
Көңүлүн таптың тез эле,
Ташкулдун мойнун кучактап.

Менчиктеп алдың сарайды,
Калтырып артка чабанды.
Чарба менен иши жок,
Мектепте жүрчү агайбы.
Мен алам десе тынчыттың,
Мээсине коюп Манайды.

Жашыруун токтом жаздырып.
Ташкулга бердиң "параңды".
Бүшүркөйт көргөн чабандар,
Сарайдан көрүп таң калат,
Мектептеги химик агайды.





## Мазактайсың "Молтой" деп

**Шайырбек Кадыровго**

Мазактайсың "Молтой" деп,
Бул айтканың туура келбейт үчүрга.
Сен деле "Арзымат" ырчы болгонсуң,
Базарбаевдин тушунда.
"Улубай итче жогол" деп,
Дыйканов кубалаган кышында.

... Жакшы болсоң ырдатып,
Жүрөт эле Кеңешбек.
Кептин баары ушунда,
Элге кылган кызматың,
Алгым келбейт кысымга.
"Самопал" наам сен алып,
Кутурба Шаке кутурба.

Сен айткан "Молтой" болсом да,
Алтымыш жашка толсом да.
Табийгат берген талантты,
Талпынтып багып көрсөм дейм.
Талыкпай иштеп эл үчүн,
Таасирдүү ырлар берсем дейм.
Көрө албас сендей көсөмдү,
Көркөм сөз менен жеңсем дейм.

Ыр жаздың деп асылба,
Ырсаңдап күлбөй бакылда.
Жашы да менден улуу экен,
Агаң Макенди сындап чакылда.

## Асылбек Максүтовго арноо

Саткын эжем таптап келет агамды,
Эл ичинде эр азамат дегизип.
Чоңойтушту наристеден сегизди,
Эркелетип момпосуйдан жегизип.

Асы аке өз ишинин устаты,
Сыйлык жыйып, алкыштарды тирилткен.
Асыл аке акын, сөздүн чебери,
Улап, кынап, ыр саптарды жараткан.

Калайыкка кадыр-барктуу инсансыз,
Эл деп иштеп моюнда көп жүгүңүз.
Куттуу болсун маарекеңиз бүгүнкү,
Эч оорубай ден соолукта жүрүңүз.

**Самидинова Райкан Полотовна,**
**Ош шаарынын тургуну.**
**Сентябрь, 2005-жыл.**





## Райондук финансы бөлүмүнүн экономика секторунун башчысы Максүтов Асылбекке

Бардыгын баштан өткөрүп,
Башкача түйшүк көп көрүп.
Бирде ток, бирде курсак ач,
Бир нанды жедик төрт бөлүп.
Билинбей өттү канча жыл,
Барчылык, байлык кеч келип.
Жетимдик учур кетти деп,
Жүрөбүз азыр эскерип.

Жылоолоп урмат турганда,
Партком болдуң көп жылдар.
Чарбада болуп деректир,
Чиренип турган учурлар.
Арнаган элге кызматты,
Элеттик элиң кеп кураар.
Пайгамбар жаштан өтсөң да,
Эсепке мыкты деп тураар.
Кылчактай бербей арт жакка,
Арноомду досум кабыл ал.
Өмүрдүн деле чынында,
Бааланчу сапат, сыны бар.

**Калык Омошев, акын,**
**"Зоболо" китебинин 34-бетинен алынды.**

# Капыстан бизди кармады

**Жубайым Саткынга**

Сүйлөштүм бала чагыман,
Тоготпой түшсө чагылган.
Бактылуу жашап келебиз,
Сен болуп менин табылгам.

Өткөрдүк жаштык күндөрдү,
Өзгөчө сонун түндөрдү.
Үйрөттүң билим балдарга,
Калтырбай баарын билгенди.

Көчөдө басып баратып,
Кээ бирде сени жадатып.
Тамаша сүйлөп турчу элем,
Кетпестен сөздөн адашып.

Сен сүйлөсөң күлүп каткырып,
Сездирбейт эле барчылык.
Жумуштан чыгып келгенде,
Калчу эле денем жанчылып.

Жайлоого барсак ат минип,
Жакшы сөз айтса бат кирип.
Кыдырып кырга чыкчу элек,
Жай гана атчан бастырып.

Ал кезди эстейм карыгып,
Келбеди күтсөм зарыгып.
Капыстан бизди кармады,
Кайгуулдап жүргөн карылык...







Кызым Бактыгүл, күйөө балам Шераалы неберелерим Акмаанай, Асель, Алмазбек.



Уулум Абдилнабил, келиним Нуржан, неберелерим Кубанычбек, Бектурсун



уулум Эрнис, келиним Анара, неберелерим Алида, Райбек, Болот-Адыл, Айданек




Кызым Гүлбарчын, неберелерим Токтогул, Нуржигит, Нурсултан, Тимурлан





Уулум Элдияр, келиним Сейдегүл, неберем Эрбол



Уулум Жоодарбек, келиним Клара, неберелерим Эмир-Аалы, Арина, Дамир



Кызым Элиза, күйөө балам Бактияр, неберелерим Дарика, Дастанбек, Имана



Уулум Данияр, келиним Айкөкүл, неберелерим Айбика, Нурисламбек





Уулум Абдилнабил, жубайым Саткын, кызым Гүлбарчын Москвада, Москва дарыясынын боюнда



Кыздарым Бактыгүл, Элиза, күйөө балдарым Шераалы, Бактыяр менен бирге



Уулум Элдияр менен Москвада



Уулум Элдиярдын Москвадагы бирге иштеген коллективи менен





Балдарым кыздарым менен конокто



Жубайым Саткын, кызым Гүлбарчын, неберем Имана менен



Уулум Эрнис, күйөө балдарым Шераалы, Бактияр менен



Уулум, кыздарым, күйөө балдарым жалпы неберелерим менен





Неберелерим менен бирге



Дарыгер кызым Бактыгүл менен



Жездем Маматемин, Эжем Турнакан, жээним Жээнбү



Жээним Анипакан, күйөө бала Ильяз кызы жана неберелери менен






Досум Кыдырмыш кызы менен, жубайым Саткын



Кайын агалар Көчкөнбай, Улукман, Морук, кайним Асан, кайын эжем Аккыз жалпы туугандары менен



Кайын агаларым Көчкөнбай, Улукман, балдызым Мира, кайним Асан жалпы туугандар менен



Кайын журттагы жалпы туугандар конокто





Жээндерим Зулпиякан, Мордош жалпы туугандары менен



Кайын эжем Аккыз, келиним Алтын, жубайым Саткындын туулган күнү менен куттукташууда



Жээндерим: Мордош, Маани, Ибраим, Кармышак Бишкекте



Кудам Жолборс үй-бүлөсү менен





Жээндерим Дөкөнтай, Рашид, Мейман, уулум Эрнис келиндерим Салима, Анара жана жубайым Саткын



Уулум Данияр үй-бүлөсү жана апасы менен



Уулум Элдияр, келиним Сейдегүл, кыздарым Гүлбарчын, Элиза, апасы менен



Кудагыйым Ирсалат, неберем Эрбол Саткын менен



# *Кара Чунак*
**(поэма)**

Ким таанычбайт мерген Кара-Чунакты,
Кууруп туруп баарын жеген улакты.
Ал жашаптыр тээ илгери айылда,
Андан бери жылдар өтүп, суу акты.

Ал жашаптыр тоо ичинде айылда,
Эли үчүн дайым көрүп камылга.
Камсыз кылып элин жалаң эт менен,
Даярдыкты көрчү экен жайында.

Кылтак менен капкан коюп кийикке,
Анын ою болчу экен жиликте.
Аткан кийик корумдалып таш менен,
Бекитилип калчу экен бийикте.
Ташып келип алышчу экен бөлүшүп,
Айылында беш-алты адам бириксе.

... Ата албастан азыр эле кийикти,
Акырында сезбей калды бийикти.
Араң жетип караңгыда үңкүргө,
Чырак жакты өйдө кылып биликти.

Үңкүргө ал  кыз келгенин билиппи.
Тоо башында кызды көрүп жүрүппү,
Кыз күлкүсүн укса дагы айылдан,
Ушул тоодо кызды мурда сүйүппү.

Кара-чунак отту жакты шашыла,
Эмнегедир иш түшкөндөй башына.
Караңгыда көрүнгөнсүйт бир караан,
Келе жаткансып аны көздөй ашыга.

Аңгыча ал акыл-эсин топтоду,
Катуу кырсык боло турган окшоду.
«Тобокел ээ бешенемден көрөм»-деп,
Мылтыгын ал тез шашылып октоду.

Коломтодо от күйүүдө үлүңдөй,
Санаа тартат туш тарапка дирилдей.
Жүрөк туйлайт эмнегедир тынчы жок,
Ал калтырайт жөн турганы билинбей.

Аңгычакты шамал чаңды сапырып,
Караңгыга койбодубу туш кылып.
Үңкүр жакка келе жатат бир адам,
Мойнун созуп күлүп коёт каткырып.

Бул үңкүрдө далай жолу жашаган,
Кара-чунак козголгон жок шашылып.
Тонун чечип ороп коюп дөңгөчтү,
Өзү болсо турган эле жашынып.

Чачы үрпөйүп, эмчектери салаңдап,
Ким бара алат жанына анын караандап.
Узундугун тырмагынын карасаң,
Коюучудай көзүңдү азыр тазалап.

Келген караан үн чыгарып бакырды,
Кара-чунак кайдасың деп чакырды.
«Ушул жердин ээсимин»-деп кыйкырган,
Ким көрүптүр өңү суук каапырды.

Тонун жаап дөңгөчтү ал жаткырып,
Болгон кезде өз тагдырын жат кылып.
Ал үңкүргө кирип келген албарсты,
Эмнегедир күлүп койду каткырып.





Кан жалатып койгон өңдүү мурунду,
Тон жамынган "адамга" ал жулунду.
"Өлтүрөйүн мен муунтуп" дегенде,
Колу анын куу дөңгөчкө урунду.

Калтырады эч айласын таба албай,
Туруп калды эмне дээрин биле албай.
Колго алып мылтык менен бычакты,
Кара-чунак жетти ага шамалдай.

Чоң күч менен аны басып жыгылды,
Колуна анын чачы гана урунду.
Кесип алып бычак менен чачтарын,
Эми гана коркунучу тыйылды.

"Керек болсо азыр алам калдаңды,
Андан көрө үйрөт деди калмаңды".
Намысынан тура албастан албарсты,
Азыр чачын кырктыргангa арданды.

... Ошол күнү коркунучтуу таң атты,
Кара-чунак үйүн көздөй баратты.
Таппай калды аркандаган жеринен,
Кечээ өзү минип келген тору атты.
Өчөшкөнсүп ошол атты жетелеп,
Тоону көздөй жалгыз адам баратты.

Түнү келип жаткан кезде үйүнө,
Мындай добуш угулчу эмес күнүгө.
Каалганы бекитсе да бышактап,
Албарсты ачып үйгө кирет бүгүлө.

Албарстынын калмасын да үйрөнүп,
Кара-чунак жатты өзүнчө сүйлөнүп.
"Чачымды бер" деп чыдай албай Албарсты,
Эшикти эми тарсылдатты жинденип.

Кара-чунак чачты көпкө бербеди,
Дагы сырын билейин деп дегдеди.
«Мен куугунчу болсомбу»-деп ойлонуп,
Калмани айтып далай жолу тердеди.

Айтып көрсө Албарстынын калмасын,
От күйдү го ачып көңүл пардасын.
Күйгөн отту карап коёт чочулап,
"Жалган болуп кокус өчүп калбасын".

Эми гана жаткан кезде жанданып,
Чачты алууга күндө келет баш багып.
Чачын сурап "бериңиз" деп Албарсты,
Жагалданып күлүп коёт назданып.

Чачын алды айтып туруп жалганды,
Кара-чунак Албарстыга алданды.
Өмүрүндө өткөрбөсө керек ээ,
Дал ушундай өкүнүчтүү арманды.

... Тоо аралап жүрсө дагы адашып,
Кара-чунак болуп калды көзү ачык.
Аялдарга төрөй албай жатышкан,
Өз жардамын берип жүрдү боору ачып.

Төрөй албай боюнда бар жаш келин,
Көз бозоруп ал жоготту эстерин.
Чакыргыла "куугунчуну" тезирээк
Кайнатасы айтты "азыр эстедим".

"Шашпагыла сойбой туруп улакты.
Чакыргыла тиги Кара-чунакты.
Чакырууга атчан барсын тезиреек,
Жолу анын ушунчалык ыраакпы?





Мөгдүрөшүп баары жерди карашып,
Отурганда кетпедиби таң атып.
Кара-чунак качан келээр экен деп,
Кемпир-чалдар бирин-бири карашып.
Жаш төрөгөн келин болсо чыдабай,
Акылынан кетип жатты адашып.

Жолдун дагы ыраактыгы билинип,
Келин жатты өз жанынан түңүлүп.
Кара-чунак келген кезде бакырып,
Чал-кемпирлер кетпедиби сүйүнүп.

Ары-бери атын катуу камчылап,
Кара жанын аябастан карч урат.
"Ташта бери сууруп алган өпкөнү,
Жаш келиндин каны турат тамчылап".
Деди дагы чаап кетти колотко,
Чындап эле жоготкону барчылап.

Тарсылдаган мылтык үнү жаңырды,
Ызы-чууга салды бүткүл айылды.
көзү ачылып эси оогон келиндин,
Кубандырды ата-энесин, айылды.

Олтурганда ал төшөккө жөлөнүп,
Кара-чунак калды алкышка бөлөнүп.
Эл чогулуп алкыш айтып ченемсиз,
Чал-кемпирлер олтурушту көгөрүп.

Боюнда бар келиндерди санашып,
Акыбалын "Аначыга" каратып.
Бакан менен эмдегенде тынбастан,
Кээ бир күнү кетчү экен таң атып.

Ал мезгилде дарыгер жок, дары жок,
Айыл эли динге ишенет көңүл ток.
Куугунчулар Кара-чунак сыяктуу,
Көрүнүптүр эл көзүнө кызыл чок.

Өркүнү өсүп Кара-чунак ан сайын,
Ар бир үйгө берген экен камчысын
же калпагын.
Албарстылар жакындабай калган дейт,
Кармап алса сыйырат деп "талпагын".





# ЖОЛДОШТУК АЗИЛДЕР

**Райондук казына бөлүмүнүн жооптуу кызматкери Боромбаева Суусарканга**

Сабырың суз кээде ишке келесиң,
Секелек кыз сагынгандай энесин.
Өзүңө деп алып койдук бозону,
Качан келип аны ичип бересиң.

Бир карасам сен бактылуу энесиң,
Кээ бир күнү башкачараак келесиң.
Кээде эле көрүнөсүң көзүмө,
Курманжандын берген өңдүү элесин.

Карагыла тээ тигинде боз атчан,
Суусаркан го аты чарчап келаткан.
Кыйналгандыр аты чарчап басалбай,
Куйгулачы Суусарканга арактан.

**Райфонун бюджет бөлүмүнүн башчысы Гулмира Уметалиевага:**

Борбордон бери келсе да,
Бюджеттен таппайт катасын.
Каражат үнөмдөймүн деп,
Башкача иштеп жатасың.
Зарыгып акча сураса,
Жаа бою андан качасың.
"Прочий" чыгым дегендин,
Сен айтчы качан сырын ачасың?
Жакшылап иштеп жүрө бер,
Шефиңдин алып батасын.

**Райондук финансы бөлүмүнүн**
**башкы эсепчиси**
**Анар Раимбердиевага**

Айлык бар десең шылкыйып,
Акча алган күнү тымпыйып.
Арабызда жүрө бер,
Ачкини тагып зыңкыйып.

**Кара-Кулжа райондук мамлекеттик**
**администрациясынын жалпы**
**бөлүмүнүн башчысы**
**Жээнбү Кебекчиевага**

Ачуусу келген убакта,
Алыстап андан качасың.
Аябай жини келгенде,
Аябайт такыр атасын.
Токтомду оңдоп жазганда,
Таппайсың анын катасын.
Көңүлү келсе көп иштейт,
Ыраазы сөзүң айтасың.

**Райфонун штат боюнча кызматкери**
**Айганыш Сүлүбаевага:**

Штаттык берилген бирдикти,
Жыл сайын тактап коёсуң.
Ачууңа тийген адамдын,
Айлыгын кырка коёсуң.
Алдыңан өтүп койбосо,
Штатын такыр жоёсуң.
Алы жетпеген чоңдордун,
Айтчы сен ким болосуң?





## *Төрт саптар*

* * *

Өзүң кетип Батыштагы согушка,
Жалгыз жүрөм жаңы барган конушта.
Эр азаматтар келип калаар бир күнү,
Жеңиш менен соо саламат болушса.

* * *

Кээ бирөө бар калпты чындай тараткан,
Акыл айтса оозуна сөз жарашкан.
Кабары жок бир дагы,
Байкасаң өзү тараптан.

* * *

Көсөм болуп көрүнөт,
Курук сөз сүйлөп көбүрөөк.
Көрүнсөк окшойт  ургандын,
Көзүнө сайып тезиреек.

* * *

Өмүрлөр өтөт атса таң,
Өзгөчө болуп катуу шаң.
Өкүттө калып жүрбөйлү,
Кымыздан куйчу Гүлүмкан.

* * *

Кээде мен катуу капамын,
Ар иштин билбей чатагын.
Кеч келип ойлор сезимге,
Изилдеп аны жатамын.

* * *

Алыс турам, акыл айтпайм Оштомун,
Жөлөк болсун сага досторуң.
Калтырбай жүр адамдардын көңүлүн,
Ошол сенин салымыңды кошконуң.

* * *

Кырк беш толук иштедим,
Аталып "жетим" жүгүрүк.
Рахмат айтса катчыбыз,
Калчубуз кээде сүйүнүп.

* * *

Бюрого кел деп чакырса,
Кетчү элек жандан түңүлүп.
Чыкканда ошол бюродон,
Иштечү элек жүгүрүп.

* * *

Ар бир дартка ылайыктуу дары бар,
Сүйүү дартын сүйүү гана дарылаар.
Бул турмушту шаттык менен өткөрсөң,
Жашоодогу каалагандын баары бар.

* * *

Тең көрүп Теңирдин берген жашоосун,
Теңсинбе бекер карысаң сен да ошосуң.
Катарлаш басып тең жүрчү дайым биз менен,
Кааданы күтпөй салымың дайым кошоорсуң.

* * *

Жаш сулуу сен жолуксаң мурутчанга,
Көп ойлонуп келечекти жакшы танда.
Жаккан болсо көңүлүңө көз сүзүп кой,
Тагдырдын бергенинен курук калба.

* * *





Көп көрдүм сыйды - урматты,
Даңгыр жол сенде баратып.
Кетпесем эле болду эле,
Улуу жол сенден адашып.

* * *

Сен болбочу жалгыз арча куураган,
Намысыңды туура сакта суранам.
Биз эч качан ыйлабайбыз деп айткан,
Кана ошол мага берген убадаң.

* * *

Алтыда бүтөт жумушум,
Акырын келем тымызын.
Аябай ичет тамшанып,
Алып келип Саткын кымызын.

* * *

Мезгил өтөт кара-жыгач картаят,
Жалбырагы бутагында самсаалап.
Көп сүйлөштүк кара-жыгач түбүндө,
Күбө болгон экөөбүзгө чар тарап.

* * *

Үрөй учат кырчылдашып согушса,
Кыргыз эли кыйын экен согушта.
Эркектерин калтырышып үйүнө,
Кыз- келиндер баары кетти "согушка".

* * *

Информбюро кабарлады жаңыдан,
Бир аял жок элин-жерин сагынган.
Басып алып Москваны, Алма-Ата, Казанды,
Кыргыз кыздар кыйын чыкты баарынан.

* * *

Жаман болсо сүйгөнүмдүн кийими,
Ал кирдетпейт менин тунук сүйүүмдү.
Сырдашууга алдыда көп иштер бар,
Бул жашоонун чечиле элек түйүнү.

* * *

Сумсайып мени караба,
Суу жүрөк деп да санаба.
Сен үчүн жакшы ойлор бар,
Сен көргөн ошол балада.

* * *

Тоолордун тоодой сүрү бар,
Тоо шарты татаал билип ал.
Тоо жакта жашап кыйналсаң,
Тоготпо кайра күлүп ал.

* * *

Сүйлөчү элең гүлүн тандап сөздөрдүн,
Окшоп тишиң күрүчүндөй Өзгөндүн.
Азыр көрсөм сен башкача болупсуң,
Кайда жүрүп ушунчалык өзгөрдүң?

* * *

Садагасы жагып калдың көңүлгө,
Бул сөзүмдү чыгарбачы төгүнгө.
Сагынганда саамайыңдан сыласам,
Сактасам да арман болбос көңүлдө.





## *Кармадыңбы балыкты*

Кайырмагын көлгө салган балыкчы,
Чынынды айтчы кармадыңбы балыкты.
Балык сындуу бир сулууну келет деп,
Күтө берип далай адам зарыкты.

Көл жээгине чоочун адам жолойбу,
Ал балыктын жолун бирөө торойбу.
Өзүңө окшоп күтүп жатса түгөйүң,
Ага жетүү ушул кезде оңойбу.

Кайырмакка балык түшсө сүйүнбө,
Сүйгөнү анын болгон чыгаар үйүндө.
Өңү-түсү жакшы болсо балыктын,
Түстүүлөрдөн өмүрүңдө түңүлбө.

**Чолпон-Ата. Август, 2010-жыл.**

## *Чындык үчүн*

**Маркум Маматиса Таировдун жаркын элесине арнаймын**

Профсоюз тармагын сиз башкарып,
Болгон ишти убагында аткарып.
Орундоодо партиянын талабын,
Калбадыңыз бир жолу да апкаарып.

Иштедиңиз чындык үчүн күрөшүп,
Иштедиңиз чондор менен тирешип.
Баары мунун өткөн эле илгери,
Кайран өмүр кеткен экен бир өтүп.

Раимжан орун басар шайланып,
Иштеген жок совхоздо ал жалданып.
Өзүңүздөн бардык ишти үйрөндү
Калган жок ал башкалардай алданып.

Үйрөттүңүз экономика жагдайын,
Баарыбызга насаат айтып ар дайым.
Өзүңүздөн көптү үйрөнүп мен дагы,
Эл ичинде жарык азыр маанайым.

Таза болчу ал кишинин көңүлү,
Айтканымдын бир дагы жок төгүнү.
Тагдыр деген ушул экен айла жок,
Жакшы адамдын кыска тура өмүрү.

**Июнь, 2009-жыл.**

## *Сурaнбайды эскерип...*

**Досум Суранбай Булашбаевдин жаркын элесине**

Ойталдык досум Суранбай,
Жүрчү элең соп-соо кулaндай.
Аябай ачууң келгенде,
Алты бел ашып кетчү элең,
Ордуңда бекер тура албай.
Суранбай өттү дегенде,
Мен отуруп калдым тура албай.
Акыреттик дос өтсө,
Кантесиң анан муңайбай.

Айтайын эми тайманбай,
Сезбесин бирөө жалгандай.
Жаш кезден бирге чоңойдук,
Сезилбес такыр армандай.





Бирге окуп чогуу бир жүрдүк,
Сөз болду бир топ ар кандай.

Эстесем ичим тызылдайт,
Ошол күн калды каякта.
Чынында өзүң айткандай,
Бир бастык дайым парадда.
Түштүктө, Жалал-Абадда,
Убакыт учкул экен го,
Өтүптүр баары заматта.

Ал кезде өзүң жаш элең,
Пиво ичкенге маш элең.
Өзүңчө жашап батирде,
Берчү эле жардам ата-энең.

... Болсо экен деп машина,
Зарыгып күттүм энтелеп.
Табылып жолдон бир УАЗ,
Ой-Талга бардым эртелеп.

Машина келди жаркырап,
Биз турдук жолдо чочулап.
Чочмон досуң кеч келип,
Сала албай калды топурак.
Эл жөнөдү тез эле,
Алдыга көздөй топурап...

Жайылган эл да отурду,
Жыйынтык куран окулду.
Жанында туруп байкадым,
Күпүлдөп сүйлөп көбүрөөк,
Жылмаңдап күлгөн сакалчан,
Жылчык көз Чочмон досуңду.

Адамдарга кошулуп,
Азыраак жайда турбады.
Жүргүнүң "пешин" болду деп,
Мечитке сүйрөп кыйнады.
Кайгы тарткан жүрөгүм,
Чочмонго көңүл бурбады.

Окен досуң илгерки,
Жаныма басып келген жок.
Качан келдиң айтчы деп,
Жакшылап сурап койгон жок.

Сен көрүп жүрчү илгерки,
Даярдап чайын берген жок.
Басып кетти үйүнө,
Этегин күүп көңүлү ток.
Досуңдун көрүп кылганын,
Тызылдап күйдү ичим чок.

Сагындык менен Ой-Талда,
Бир топ жыл эле иштедиң.
Ийри-Суу менен Казыкта,
Калды го далай издериң.
Күлүгүң калды чабылбай,
Көк кушуң калды салынбай.
Байкалга бербей жүрчү элең,
Будуруң койбойт сагынбай.

Атаңдан калган жашоону,
Сагынсаң керек ошону.
Атканда кийик от жаккан,
Атаңдын турат очогу.
Үкү сопу түнөгөн,
Келет деп күтөт токою.
Зоолору аяш атамын,
Заңгырайт көрдүм атайы.
Атын жазбай коюпсуң,
Аябай буга капамын.





Миң жылкы менен бөдөнө,
Жайыты толо көдөгө.
Ичкендирсиң далай жыл,
Кымызын бербей бирөөгө.

Бөдөнө кара туманы,
Жыл сайын барып жайладың.
Жайыты сонун эле деп,
Кой-эчкини кармадың.
Бир топ бээни чогултуп,
Чыңыртып кулун байладың.

"Эскерилбей калган элүү жыл",
Жарыкка чыкты китебиң.
Танзиля кызың окуса,
Ыраазы болду бүт элиң.

... Кыздарың ыйлап буркурап,
Бүт элиң турду чуркурап.
Балдары эми кантет деп,
Бүт денем кетти зыркырап.
Ак-Богуз менен Дардаң-Көл,
Жериң калды артыңда.
Кара-Туума, Бөбөнө,
Жайлооң калды артында.
Изи калган атаңын,
«Жошо» калды артында.
Туратбек уулуң тоо калды,
Машырбек уулуң зоо калды.
Балдарың менен кыздарың,
Таштабас эми Ой-Талды.

Атайы барып Ой-Талга,
Кое албадым эстелик.
Гүл ордуна бул ырым,
Болсун дедим эстелик.
Эрикkенде балдарың,

Окуп койсун эскерип.
Ой-Талдын жолу бүгүнкү,
Жооп бербейт талапка.
Көңүл бурсун балдарың,
Аяш атасы тарапка.
Каттоо болуп жүрүшсүн,
Бул өмүр калат каякта.
Акыркы сөз калды го,
Мисират аяш тарапта.

## Өзгөнүм

Туулган жери болсо дагы өзгөнүн,
Бир мен үчүн кымбат шаарсың Өзгөнүм.
Эмгек жолум алгач баштап өзүңдөн,
Турмуш даамын дал өзүңдөн сезгемин.

Мурдагыдай үйлөрүң жок көз көрүп,
Мүнөт сайын баратасың өзгөрүп.
"Жашартам" деп ала допу досторум,
Койгон окшойт бир өзүңө сөз берип.

Сыймыктанган күрүчүнө Өзгөндүн,
Кылыктанган кыздарын да көп көрдүм.
Келген кезде базарына мал сатып,
Түнөчү элек сарайына Көчкөндүн.

Болот эле жалгыз гана чайкана,
Аксакалдар отурчу эле жай гана.
"Аш кылабыз" деген сөзү алардын,
Угулчу эле кулагыма башкача.

Сен жашарып жетсең дагы жылдызга,
Сени мактап жаза албадым тил кыска.
Тээ илгертен Өзгөн "Озгон" аталып,
Ыйык шаарсың жалпы журтка, кыргызга.





Көргөн сайын толкунданам кубана,
Тарыхы көп бул шаардын сураба.
Акча чыгып турчу эле деп илгери,
Айтып берет барганыңда Мунара.

Мунараны кайсы уста курду экен,
Кирпичтерин кайсы ылайдан кылды экен.
Бузулбастан, кулабастан тик турат,
Өткөрсө да кылымдарды ал нечен.

Келген адам коо здугун байкасын,
Көрүп жүрүп саякатчы чарчасын.
Мактаганга татыктуу бол ар дайым,
Күрүчүңдү мактагандай Барпы акын.

Дары суүң бар Кара-Шоро аталган,
Дарылыкка багытталып бет алган.
Ар илдеттен айыктырат барганды,
Келатпайбы калтырбастан катардан.

Көмүр чыккан тоолоруң бар дүркүрөп,
Казылууда жетишээрлик күч-билек.
Сунуш кылат көмүрүнөн Маркайдын,
Жагып көрүп сапатын билчи деп.

Жалпакташта Карынбайдын таштары,
Жашырылбай толук чыга баштады.
Алды кетти Москвага, Берлинге,
Жөнөп жатат Пекинге да арт жагы.

Суктандырат көлүндөгү балыгы,
Сүзүп жүрөт кенен таштап арымды.
Балыгы эле төлөп коет көрүнөт,
Чет өлкөлүк инвестордун карызын.

## Падыша ата (Пачата) баяны

Зымырайт жолдо машина,
Суу бойлоп кетип барабыз.
Суусасак тунук дайрадан,
Кеңири жутуп алабыз.

Сөз баштайт жолдо Мырзабек,
Пачата мазар болгон деп.
Баба Ата, Бозбу, Тоскоол мазарга,
Сыйынаар адам толгон деп.

Эл барат экен аябай,
Кеткенден дагы келген көп.
Ботокөз мактайт тамшанып,
«Айтамын кантип жалган» деп.

Бул жерге келет Алайдан,
Атагын уккан далай жан.
Андижан, Ташкент, Наманган,
Шаарынан келет далай жан.

Таасири тийип мазардын,
Көп элдин көңүлү жай алган.
Мырзабек сөзүн баштады,
Жалган сөз кошуп айтпады.

Тарыхын айтып мазардын,
Жай сүйлөп үнүн таптады.
Чыйпыйы чыгып Ботокөз,
Мактануу жактан качпады.





Мырзабек айтты мен жаздым,
Мурунтан болгон сырдашым.
Туура эмес жазып койдуң деп,
Ботокөз капа кылбасын.

Бозбу тоо турат көк тиреп,
Боорунда бүркүт жай түнөп.
Бозортпой барган адамды,
Бергенсийт дайым бир тилек.

Бозомук тартып чар тарап,
Белгилүү жерлер байкалат.
Аксыда түрдүү мазарлар,
Бозбу атадан башталат.

Ашканда адыр белесин,
Баба атага келесиң.
Көргөндө ошол мазарды,
Өзүңдү башка сезесиң.

Баласыз жүрүп далайга,
Билгизбей башка адамга.
Токтогул ырчы келген дейт,
Бала үчүн ушул мазарга.

Бир жума мында жай туруп,
Билинбей далай таң сүрүп.
Төрөлгөн уулун Бабажан,
Койгом дейт атын эл туруп.

Тоскоол ата томсорбой,
Токтогулду тоскон дейт.
Бабажанды чоңойтуп,
Өз салымын кошкон дейт.

... Пачата деп эли айтат кербендин,
Бул мазарга мен да барып келгенмин.
Тоо түбүнө күмбөзүн да куруптур,
Заңгыратып үйүнө окшотуп Мергендин.

Падыша Ата (Пачата) кандай адам болду экен,
Пачата деп атын кимдер койду экен.
Баратканда балдары аны көтөрүп,
Падыша Ата кыйналгандыр жолдо эчен.

... Эч ким билбейт анын сепил коргонун,
Кайсыл жерде ал падыша болгонун.
Анын атын пайдаланып бизнесте,
Бир шылуундар жүрөбү деп ойлодум.

Ал жөнүндө легендалар айтылат,
Ушул чын деп суудан калган сай турат.
Барганыңда ак кар баскан эки тоо,
"Келгиле" деп жайбаракат кол сунат.

... Көтөрүлүш чыгып жатса тополоң,
Ал падыша корккон экен ошодон.
Бүт байлыгын, алтындарын жыйнатып,
Элүү төөнү чогулткан дейт бошогон.

Алтындарды келген кезде жеткирип,
Беките албай калган экен кеч кирип.
"Байлыгымды бирөө көрүп калды" деп,
Ал падыша ыйлаган дейт эчкирип.

Алтындарын бүткөн кезде бекитип,
Үн чыгарбайт калбасын деп
бирөөлөрдү эшитип.
Белги коюп зоо түбүнө арчадан,
Кеткен экен үйлөрүнө түн күтүп.





... Ооруп калып ал падыша жөтөлүп,
Алып бар дейт ошол зоого көтөрүп.
Жеткиргенде падышаны балдары,
Чарчагандан уктайт падыша көшөрүп.

Аңгыча эле учуп келет кекилик,
Ал кекилиик таштан-ташка секирип.
Кармайбыз деп падышанын балдары,
Кетирген дейт ушул жерден чекилик.

Кекиликти кармай албай күн өтүп,
Балдарды да койгон экен жүдөтүп.
Керээз сөзүн балдарына айталбай,
Падышанын кеткен экен көзү өтүп.

Ташка жөлөп таштап кетип уялбай,
Кайгырышат өздөрүнчө тура албай.
Кайра артка алып кетүү кыйын деп,
Ойлонушат ошол жагын биле албай.

Ушул кезде эң улуусу балдардын,
Үнү бийик чыгып сүйлөйт Камбардын:
"Ушул жерге жашыралы сөөктү,
Кооз экен айланасы таң калдым".

Деди дагы жер казууга киришти,
"Майиттин" да койулаарын билишип.
Шарияттын жол жобосун жасашты,
Куран окуп аткарышты бир ишти.

Тээ илгертен ыйык мазар аталып,
Күмбөзү анын пачатада сакталып.
Шыпаа таап буга келген адамдар,
Шайыктардан кетип турат бата алып.

**Аксы району, Кербен шаары,**
**июнь, 2010-жыл.**

## Жакшы аял деп

Жакшы аял деп сени бирөө сүйбөсө,
Жүрөк өрттөп, жалын каптап күйбөсө.
Сулуулугуң бир татымга арзыбайт,
Сугун артып сага жигит жүрбөсө.
Өмүрлүк жарың билбесе,
Өкүнбөй шайыр жүрбөсө.
Кимдерге керек сулуулук,
Өкүнтүп жүрсө бир нерсе...

Сулууну сулуу дейличи,
Суктанткан наздуу пейличи.
Суйкайып ашык сөз айтпай,
Көз сүзүп турса мейличи.

## Таңкабай

Оо - курбум Таңкабай,
Сүйлөйсүң неге маңкадай.
Бузулганын мурдуңдун,
Жүрүптүрмүн байкабай.
Жетелеп алдың эмнеге,
Сулуу кызды алчадай.
Күн сайын кызуу жүрөсүң,
Мастыгың толук таркабай.
Ичпей калсаң кээ күнү,
Көрүнөсүң көзүмө,
Куурап калган арчадай.
Жаның тынбайт ичкенде,
Аракка сая түшкөндө.
Күлүк аттай чуркайсың,
Күнү-түнү чарчабай.





## Кайсы завод жаратты

Ичип кой деп асыласың аракты,
Тиктеп коюп өзүң келген тарапты.
Мейли ичейин самопалбы чыныңды айт,
Айтып койчу кайсы завод жаратты?

Ушул турмуш бул жашоодо ченелүү,
Мага кыйын жаштар менен теңелүү.
Суранамын коштошоордо ичели,
Жок дегенде сен жүз грамм, мен элүү.

## Өмүр өттү

Иштеп жүрдүк шайыр басып чарчабай,
Болсо экен деп өмүр тоодо арчадай.
Токсон жашка чыкса дагы карыя,
Койбойт тура жаш кезине кылчайбай.

Өмүр өттү аккан суудай билинбей,
Жаштык кетти учкан куштай дирилдей.
Калчылдатты башты болсо карылык,
Бакшылардын жаңы келген жининдей.

## Кантээр элең

Кантээр элең эгер сен бош болгондо,
Тийишмекмин убактым көп болгондо.
Оолугуп жүрөк байкуш жүрө бермек,
Бир өзүңдү көрүп калса таш коргондо.
Өтүп кетти кантейин жаш кезегим,

Тээ илгертен тиктешиңен көп сеземин.
Бир олтуруп сүйлөшсөк болот эле,
Эске салып жаштыктын өткөн кезин.

Баарын таштап арт жакка киришсемби,
Кармалап билегиңди тийишсемби.
Арнасам бир өзүңө кантээр элең,
Канык болгон арзууга күмүш сөздү.

## Сыздайт эне жүрөгү

Ыйлайт эне, сыздайт анын жүрөгү,
Кайда экен деп уулу жаткан түнөгү.
Окшоштурат карт жүрөгү чыдабай,
Көрүп калса уулуна окшош бирөөнү.

Он жыл мурда уулу кеткен алыска,
Жашоо үчүн турамын деп намыска.
Кайда экени ушул күндө белгисиз,
Эне салат өз кабарын калыска.

Уулун издеп эне жүрөт кайгыда,
Жер дүңгүрөп сагынгансыйт айлы да.
Он жыл өттү баласынан кабар жок,
Тууганларын салды катуу кайгыга.

Балким уулу "дейди" болуп жүрөбү,
"Үңкүр" болуп анын жаткан түнөгү.
Тирүү болсо болот эле бир кабар,
Эгер болсо өмүрлүк жар түгөйү.





Кайдасың деп эне боздойт тура албай,
Уулу үчүн же өз жанын кыя албай.
Издеп келет жалгыз уулун шаардан,
Анан кантсин байкуш эне муңайбай.

Баласынын боору катуу таш беле?
Кеткен кезде ал он сегиз жашта эле.
Издеп келбей жалгыз калган энесин,
Айылында ага бирөө кас беле?

...Тапты уулун жүргөн экен шаарда,
Ишке барып таң ата элек маалда.
Баңгизаттын туткунунда камалып,
Бара албаптыр үйүнө эмес шаарга.

Ар күн сайын үчтөн "ийне" сайынып,
Калган тура "махабатка" малынып.
Табамын деп эне издейт чыдабай,
Эрте туруп Жаратканга жалынып.

Кабар берген сыналгыдан караса,
Уулу олтурат селсаякка жанаша.
Үй-жайы эмес, адам кейпи дагы жок,
Болбодубу коңшуларга "тамаша".

Далай жолу түнү жылдыз санаткан,
Өңү купкуу айырма жок барактан.
Унуткарган айылдагы энесин,
Таасири окшойт баңгизаттын, арактын.

Эне турду уулун таап сүйүнүп,
Кубангандан кийимдерин күбүнүп.
Жардам берди жалгыз өзү Жараткан,
Калган эле уулунан ал түңүлүп.

Эне байкуш уулун алып жөнөдү,
Сыналгынын тийип ага көмөгү.
Жазбаганда "Кайдасыңга" арызын,
Ким болмокчу жардам берер жөлөгү.

## Ойлосом анда

Толкундай иштеп бир жүрөк,
Токтобой сокчу бир мүнөт.
Түрсүлдөп соккон жүрөктү,
Тоготпой басып кыз жүрөт.

Бал доорон бала кезимди,
Байкасам укмуш сезимди.
Балдарга берген жыргалды,
Байкатпай өтчү сезимби.

Илгери биз жаш кезекте,
Илешпей турат эсепте.
Кыйноону бир топ көргөнбүз,
Аны азыр кимдер сезет де.

Катыра ойноп күпүлдөп,
Чапканбыз далай чикилдек.
Кар кечип далай жыңайлак,
Келчү элек үйгө зикилдеп.

Калса да чокой жыртылып,
Калбастан көңүл кир болуп.
Барчубуз кээде кыздарга,
Жайдары болуп гүл сунуп.

Ойлосом анда ой тунук,
Ойдо жок көрүү кол сунуп.
Ошол кез түшсө эсиме,
Жек көрөм кээде бир туруп.





## Ээрчитип алып кетсемби

Эртеңки күнгө жекшемби,
Эртерээк сага жетсемби.
Эрикпей агын суу бойлоп,
Ээрчитип алып кетсемби.

Кашка-Суу менен кош алыш,
Карасам жөөмүн жол алыс.
Камтама болбо бара албайм,
Сүйүүгө болсун Ой калыс.

Эртеге келет ишемби,
Санаага дагы түшөмбү.
Эртереек сага жете албай,
Эмдиги күндү күтөмбү.

Зарыгып күтсөм мейли эле,
Сарсанаа болбой күндө эле.
Сендикмин күткүн деген сөз,
Сен жактан чыкса мейли эле.

## Жолуккум келет

Жеталбайм чуркап кулунга,
Жек көрбө мени быйылча.
Жетээрбиз бир күн тилекке,
Жараткан өзү буюрса.

Душманың болбос жеңбеген,
Жаз болбойт эрте келбеген.
Чыныңды айтчы жашырбай,
Түшүнбөй койчу мен белем.

Түпөйүл жүрөк дегдеген,
Түсүңдү бурчу сен белең.
Капалык катуу өтсө да,
Жолуккум келет сен менен.

## Сындадың

**Кара-Кулжа районундагы Б.Исаев атындагы орто мектептин "Кыргыз тили жана адабияты" боюнча мугалими Акешов Шеркул Шамшидиновичке**

"Сынчы дос - сен көп сын такпа,
Сый жолуң менен ырсакта".
Байдылда жазган бул саптар,
Бүлүнттү ойду бир паста.

Сынчымын деп бой көтөрбө, сын такпа,
Сынчы деген болгон эмес биз жакта.
Тээ илгери мен ыр жазып жүргөндө,
Болсоң керек жарала элек курсакта.

Тилчимин деп ырларымды сындадың,
Жазганыңды жатка айт деп кыйнадың.
Жаш өтсө да ырды жазып келатам,
Оо иничек сынды коюп сыйлагын.

Болсо дагы тулку боюм чапандай,
Жазган ырды окуп берем такалбай.
Ыр саптарын дайым келет жараткым,
Карылыктан калсам дагы басалбай.

"Малчысың сен, ошол жолдо жүр,- дедиң,
Адабиятка тийишпегин, кой"- дедиң.
"Мен сыяктуу тилчи жазсын ырларды,
Баркын ырдын сен жакшылап бил"- дедиң.





Ооба билем сен сыяктуу тилчини,
Доомат коёт бар сыяктуу бир сыры.
Болбойт беле китеп жазып чыгарсаң,
Өчүң бардай жута бербей "беркини".

Өзүң деле ырды жазсаң жарашат,
Жакшы болсо окурмандар талашат.
Сен сыяктуу кыргыздардын ичинде,
Көрө албастык көп жайылып баратат.

## Убада кылба

Баалуусуңбу, барсыңбы,
Барктабай койчу жансыңбы!
Ишиңди баалап көбүрөөк,
Көтөргүм келет баркыңды.
Унутуп кантип калайын,
Жаш кезде берген антыңды.
Талапты коё бербестен,
Карасаң боло шартымды.
Түшүнчү мага азыраак,
Кармадың беле калпымды.
Убада кылба берем деп,
Болбогон колдо алтынды.

**Кара-Кулжа районундагы Буйга айылынын тургуну жездем Кебекчиев Маматеминге**

Таза жүрүп жашынан,
Таалимдүү болуп башынан.
"Касида" менен "жаасынды"
Жатка билип окуган.
Жашырбай айтып маселе,
Жашынан молдо аталган.
Жарды, кедей, жалгызга
Жардамын берип аябай,
Чыгарган эмес катардан
Соопчулук иш кылып,
Сопулардан бата алган.

Ар жылы "Мавлют" окутуп,
Молдолорду топтогон.
Ууру, кески, шылуунду,
Жыйынга такыр кошпогон.
Шарыят жолго элди үндөп,
Шашылбай чыккан ортодон.

Кайгы түшсө башына,
Камтама болуп коркпогон.
Бирок кыздарым акча салат деп,
Кабарды күткөн почтодон.

Атамдай болуп бул адам,
Тарбия берди башынан.
Аябай акыл үйрөттү
Адам бол деп жашыман.
Оку деп "намаз" көп айтты,
Ага мен толук кошулам.





"Ичпе" деп айткан аракты,
Кеңешин угуп отурам.
Ажырашып кеткемин,
Айгайлуу "арак" досуман.
Нысапты кудай берсин деп,
Алладан тилеп отурам.

Көп ишти баштан өткөрүп,
Кыйналдык түйшүк көп көрүп.
Бирде ток, бирде ач калып,
Жарты нан жедик төрт бөлүп.

Байкалбай өттү бир топ жыл
Бактыга байлык кеч келип.
Жетимдик бизден кетти деп,
Коёбуз азыр эскерип...

## Чакан таш менен сырдашуу
**(Поэма)**

Оо, асыл тоом!
Саламат эсен барсыңбы?
Бооруңа катып бөпөлөп,
Учурдуң далай барчынды.

Кылымдар бою көк тиреп,
Кыймылсыз мында турасың.
Кызыгып аска, ташыңа,
Бүркүттөр салат уясын.
Кыялай чуркап кийиктер,
Жол кылган ашуу кыясын.
Сырдашканы мен келдим,
Кандай ойдо турасың.

* * *

Буйгалыктар көп айтышат шумдукту,
Айтып берчи анын баары чындыкпы?
Чындыгында карт тоосуң го Чакан таш,
Мен өзүңдөн уккум келди чындыкты.

Буйгадагы эл жашаган күнүн айт,
Кыйналгандан уктабаган түнүн айт.
Түшкөн болсо эл башына чоң түйшүк,
Тандап туруп аянычтуу бирин айт.

Чакан таш!
Мейли айтайын баштан өткөн турмушту,
Буйгадагы болуп келген чындыкты.
Олтурчу эле аксакалдар чогулуп,
Кымыз ичип бөлүп, жарбай кыргызды.





Эстен кетпейт кыргыздардын мурдагы,
Ачарчылык каптаганда муң-зары.
Баштан өтүп кыйынчылык аябай,
Калган эмес кыйналбаган эл дагы.

Ашын ичип, муун чөптү кадырлап,
"Алгы" казып аны издеп адырлап.
Шамөөрүктү жеген кезде бышырып,
Андан кийин эл көңүлү жазылмак.
Ачарчылык катуу кыйнап элимди,
Бардыгы эле жүрбөдүбү жер тырмап.

Аппак болуп октябрдын таңы атып,
Кедей-дыйкан бирдей болуп жанашып.
Малайлыктан бошогондо адамдар,
Байлар болсо элден калды адашып.
Малын мүлкүн тартып алып алардын,
Кедейлерге бербедиби таратып.

Айлыбыздан байлар чыгып бийледи,
Катуу айтып кедейлерди тилдеди.
Кыйнаганда салыкты тез төккүн деп,
Айыл эли төлөй албай эзилди.

...Кийин эл да биримдикке биригип,
Ачкалыктан кыйналгандар тиригип.
Алган кезде ортолукка малдарын,
Байлар калган менчигинен түңүлүп.

Жаткан кезде жакшы жашоо уланып,
Кембагалдар бактысына кубанып.
Салбадыбы чоң кайгыны элиме,
Зөөкүр фашист кандуу согуш чыгарып.
Ал согушка кетпедиби кыйла адам,
Калды айылда кемпир, чалдар ыйлаган.

Уулу кетип, жары кетип согушка,
Адамдардын жүрөктөрү сыздаган.
Көргөнүмдө жаш жигиттин кеткенин,
Боорум ооруп мен да далай ыйлагам.

Кеткенден кийин төрөлгөн
Атасы уулун көрбөдү.
Кайгыдан өлгөн апасын,
Топурак салып көмбөдү.
Төрт түлүк малга башчы деп,
Фермага чалды шайлады.
Жөн жүрүшпөй ал чалдар,
Кыздарды далай кыйнады.

Жазылбай ичте капалар,
Согушка кетип аталар.
Оодарып жерди айдашты,
Сокону кармап апалар.

Айдалып эгин жегилик,
Арпа буудай себилип.
Жыйнай албай түшүмдү,
Калчу эле чалдар демигип.

Катырып "темин" бастырып,
эгинди алып сапырып.
"Молоташ" кийин келгенде,
Эл калды күлүп каткырып.

Катуу болду аябай,
Хрущевдун заманы.
Нан жетпей калып бир топко,
Ыйлатты далай баланы.





..Күн чачырап асмандан,
Жадырап тийип ак таңдан.
Эл үчүн болду жакшы эле,
Балдарга бербей каткан нан.
Кээ бирлер калды эригип,
Айылда жөө баскандан.

Аябай терең орноду,
Брежневдин заманы.
Коммунизм болот деп,
Кубантты чалды, баланы.

Короого батпай ак койлор,
Төрт түлүк малы жайнады.
Жүн менен этти тапшырып,
Чарбалар көрдү пайданы.
Трактор келип айылга,
Аңтарып жерди айдады.
Алынган түшүм көбөйүп,
Эгиндин түрү жайнады.

Керосин, күкүрт, самындар,
Кыйла эле арзан болду эле.
Алынган буудай көп болуп,
Төгүлүп жатчу жолдо эле.

...Айтылган сөзгө турам деп,
Өлкөнү кайра курам деп.
Горбачев келип бийликке,
Баштады бир топ кургак чеп.

Өлкөбүз кайра курулду,
Менчикке көңүл бурулду.
Колхоз-совхоз жоюлуп,
Таланып мүлкү турулду.

Өчкөн от кайра жанбады,
Горбачев элди алдады.
Сарайлар, малдар таланып,
Эч нерсе ашып калбады.

...Эгемендүү эл болдук,
Башкаларга тең болдук.
Бирок таланып ууру, кескиге,
Талаада калып жем болдук.

Жегенге наны табылбай,
Жаш балдар калып багылбай.
Жаштары кетти шаарга,
Жайнаган козу карындай.

Аялдар иштеп базарда,
Эркектер бакты баланы.
Казанды асып, от жагып,
Көрдү окшойт акты, караны.
Көп аял кетти бузулуп,
Калтырып үйдү, баланы.

Кызматта кимдер болду эле?
Башкарып элди койду эле?
Буйгада болуп башкарма,
Купулуна элдин толду эле?
Чакан таш:
Үч көлдө болгон бир колхоз,
"Пионер" деп аталган.

Колхозду Жолдош башкарып,
Түшчү эмес такыр катардан,
Тындырбай элди иштетчү,
Келсе да жаңы сапардан.





Эгинди оруп кол менен,
Салчу эле элди кыйноого.
Норманы ашык аткарса,
Жарты нан берчү сыйлоого.
Келиндер качса жумуштан,
Кабылаар эле кыйроого.
"Пионер" колхоз жоюлуп,
"Өзгөрүшкө" бирикти.
Башкарма жолдош камалып,
Ала албай калган "жиликти".

Ардактуу агам Жээнбек,
Колхоздо болчу башкарма.
Пейили назик киши эле,
Бурбаган көңүл жаштарга.
Сазайын берчү колуна,
Жолугуп калса мастарга.

Шакылыктап жанын чаап,
Шашма Камил зор эле.
Эсеп жагын тейлеген,
Ал өзүнчө чоң эле.

Назарбайды шайлашты,
Болот деп ушул башкарма.
Ак ниет иштеп эл үчүн,
Бурат деп көңүл жаштарга.
Башкарма көпкө турбады.
Колхозго көңүл бурбады.

"Өзгөрүш" колхоз жоюлуп,
Чалмада элди кыйнады.
"Ленинчил Жаш" колхоздо,
Башкарма экен Беделбай.
Билими жок болсо да,
Жүрүптүр эч ким жеңе албай,
Баатыры экен эмгектин,
Башкалар калчу сезе албай.

Башкарма болуп колхозго,
Кадыраалы болгону.
Аз эле болду болжолу,
Курулуштарды кургузуп,
Колхозду бир топ оңдоду.
Бирок ак молдону аёосуз,
Көп ичкенин койбоду.
Жан-жөкөрлөр көбөйүп,
Аябай эле тойлоду.
Акыркы жылы колхозго,
Тентиген болду башкарма.
Экономдоймун деп айтты,
Бир тыйын бербей жаштарга.
"Кийинип жеңил иште" дейт,
"Суук өтпөйт жүрсөң ак карда".

Башкарма болуп колхоздо,
Он сегиз жыл олтурду.
Жел козуну көбөйтүп,
Отчетту жалган толтурду.
Көп чыгымдап койдуң деп,
Суракка алып шопурду.
Он сегиз жыл ичинде,
Бир курулуш курган жок.
Маданият жагына
Астейдил көңүл бурган жок.

Буйгага барчу эл үчүн,
Жолуна жардам кылган жок.
Каттабай калса машина,
Жолуна басып барган жок.
Чукулап мурдун акырын,
Жүрдү го жигит көңүл ток.





Реформатор болом деп,
Чарбаны такыр жоём деп,
Колумдан келет бардыгы,
Тып-тыйпыл кылып коём деп.
Ташкул болду башкарма,
Сүр көрсөтүп жаштарга.
Колхоздун мүлкүн ал чачты,
Энчисин берип мастарга.

Иштебей жүргөн эргулдар,
Үлүшкө бөлүп мал алды.
Техниканы, сарайды,
Тептегиз бөлүп ким алды.
Башы иштеп башкармабыздын,
Сарайды берип "пара" алды.
Техниканы бергенден,
Тиешесин дагы алды.

Жашыруун жазып токтомду.
Ташкулдун колу шоктонду.
Ыракмат алып көбүнөн.
Ыраазы кылды ченемсиз,
Шынаарлап жүргөн досторду.
Таланып мүлкү колхоздун,
Ташкулдун көңүлү жай алды.

Сырдашып бүтүп мен кеттим,
Улуу тоо менен коштошуп.
Ошондон кийин калгамын,
Чакан таш менен достошуп.

## *Буйгалык келиндин арманы*

**(Поэма)**

Августун салкын кечи эле,
Иш аяктап калган кез эле.
Повестка берип колуна,
Азгырып алды тез эле.

Армияга жөнө деп,
Тез эле келди кагазы.
Эмне болот балам деп,
Айшанын тынбайт санаасы.

Байкасаң ушул мезгилдин,
Учкулдугун карачы.
Үйлөнгөн эле жаңыдан,
Кемпирдин жалгыз баласы.

Энеси боздоп ыйласа,
Туралбайт эч ким жанында.
Баласын келди узатып,
Карабай үйдө малына.
Калтырам деген үмүттөр,
Айшада турат дагы да.

Ал түндүн өттү кечтери,
Арызы сууну кечпеди.
"Калтыр" деп арыз жазса да,
Арызды эч ким чечпеди.

Армияга жакты деп,
Алып кетти баланы.
Аябай айтса жалдырап,
Албады берген "Параны".





Жайнады көзү Болоттун,
Он сегиз жашка жеткенде.
Ачышты ичи аябай,
Советтен алып кеткенде.

Сүйгөнү менен коштошту,
Үйлөнгөн жаңы көктөмдө.
Жыгылып кала жаздады,
Бурулуп басып кеткенде.

Жаштыктын өтүп күндөрү,
Жай басып доор сүрбөдү.
Унутта калды көрүнөт,
Уктабай жүргө түндөрү.

Чөнтөктү толук аңтарып,
Сержанттар жүрдү кайтарып.
Тизмени окуп чакырып,
Поездге салды алып барып.

Поезддин ичи караңгы,
Боздосом үйдү табамбы.
Бош коюп такыр жылдырбай,
Бозортту далай адамды.

Кат жазды Болот келинге,
Көтөрүп катуу демилге.
Арнады сөздүн гүлдөрүн,
Калтырчу толук сезимге.

...Алтыным эсен турдуңбу?
Ыйлабай сабыр кылдыңбы?
Армияга кетти деп,
Абайлап көңүл бурдуңбу?

Ар улуттан балдар көп,
Поездде кетип барабыз.
Силерди катуу сагынып,
Кээде эле ыйлап алабыз.

Поездин ичи ак такта,
Талаанын баары ак пахта.
Ушундай болсо дагы да,
Чымындай жанды бек сакта.
Ар түрдүү тилде сүйлөшөт,
Укпаган такыр биз жакта.

Паровоз барат күпүлдөп,
Вагонду сүйрөп гүшүлдөп.
Ызы-чуу вагон ичинде,
Угулбайт такыр бүтүн кеп.

Он сутка жолдо жүргөндө,
Бошобойт колум күлгөнгө.
Ойлонуп жатып кат жаздым,
Айылда калган сүйгөнгө.

Он беш күн жолдо жүргөндө,
Поездден бизди түшүрдү.
Суукtan турбайт каңшылап,
Байласаң мында итиңди.

Айылдан келген убакта,
Күн жылуу тартып күз эле.
Билбестен жеңил кийинип,
Келгенбиз мында түз эле.

Аянтка бизди алып барып,
Бир, эки деп марш берет.
Чакырганда командир,
Жүгүрүп солдат бат келет.
Такыядай табакка,
Такси менен аш берет.

Жатканым темир керебет,
Жатуудан адам зеригет.
Ажырап сенден келген күн,
Аябай жаман сезилет.





Согуштук ишти үйрөтүп,
Окутат бизди ар күнү.
Автомат менен атууга,
Жибермек болду бир күнү.

Взводду толук чогултуп,
Аянтка бизди топтоду.
Жаңыдан келген солдатка,
Башкасын такыр кошподу.
Моюнга асып автомат,
Антымды алат окшоду.

Угулуп жаткан безилдеп,
Оркестр үнү тыйылды.
Солдаттар антын берет деп,
Командир ачты жыйынды.

Кучактап солдат автомат,
"Антын" берип жатышты.
Салтанаттуу жыйынга,
Бардык солдат, генералдар катышты.

Шуудурайт токой башкача,
Аянттын ичи таптаза.
Магдырап угуп биз турдук,
Командир сүйлөй баштаса.

Көңүлүм тынбай почтого,
Жүгүрүп жетип барамын.
Кат келсе айыл тараптан,
Билмекмин сенин кабарың.

Айылда калдың жалдырап,
Эң жакын менин адамым.
Уктай албай сени ойлоп,
Сазына баттым санаанын...

Түн кирсе кирет караңгы,
Түңүлтпөй жазчы саламды.
Кат жазбай коюп сен мага,
Түңүлтпө мендей баланы.

Өзгөндүн кара багынан,
Көрбөсөм сени сагынам.
Өзүмдөн бөлөк бирөөгө,
Эгерде күлсөң таарынам.
Кош болгун эми кат жаз деп,
катыңды күтүп зарыгам.

Кат жазып солдат жөнөттү,
Арадан далай күн өттү.
Чыгарбайт эстен дагы эле,
Коштошкон ошол мүнөттү.

...Кат күтүп Азбү зарыкты,
Көбүрөөк билбейт тарыхты.
Кат келген күнү жарынан,
Көргөндөй болду жарыкты.

Катты алып окуй баштады,
Жазууга жообун шашпады.
Ысырык салып ырымдап,
Түтөтүп койду "арчаны".
Жүрөгү согуп оолугуп,
Арманын жаза бштады.

...Дал келип көңүл жайында,
Баш коштук былтыр айылда.
Бата алуу үчүн шашылып,
Көргөнбүз тойго камылга.
Болгону үч ай жашадык,
Таркабайт кумар дагы да.





Тербедик тоодон гүлдөрдү,
Укпадык мукам үндөрдү.
Армияга сен кеттиң,
Калтырып үйгө сүйгөндү.

Кийгениң кара тебетей,
Басканың сонун кебелбей.
Ойнобой, күлбөй жүрчү элең,
Капа эле болгон немедей.

Алтын, күмүш зергерлерден табылат,
Күлүк аттар чоң байгеге чабылат.
Жер жүзүндө адам деген абдан көп,
Бирок ар ким өз сүйгөнүн сагынат.

Салындым сары жоолукту,
Санааркап жүрөк оолукту.
Сагынбай кантип калайын,
Сабырым таштан болуппу.

Буйганын суусу шар аккан,
Буурул ат кечип бараткан.
Жеткирээр бекен тилекке,
Экөөбүздү Жараткан.

Арманым толуп ичиме,
Боздоп ыйлап турамын.
Боз дөбөдө кошулган,
Боюмда калды туягың.
Уулбу, кызбы билбеймин,
Кудайдан калды сураарым.
Убакыт келип көз жарсам,
Сүйүнчү бер деп чыгаармын.

Болбосо жылуу уясы,
Боз торгой неге түнөсүн.
Эстебей бизди эрте кеч,
Таш боор окшойт мүнөзүң.
Жолукпай бизге эртереек,
Эрмегим кайда жүрөсүң.

Кучактап кыса мойнуңду,
Сагындым ысык койнуңду.
Жараткан неге тороду,
Жанаша басчу жолумду.
Сырдашчу дайым өзүң жок,
Кимге айтам эми оюмду.
Сыр бербей эми башкага,
Кармайын таза боюмду.

Арадан күндөр, ай өтүп,
Азбүкан уул төрөдү.
Уулуна кабар берүүгө,
Почтого кемпир жөнөдү.

Арыз-муң кетип шамалга,
Келбеди кагаз далайга.
Армияга жөнөткөн,
Жолукту кемпир Тагайга.

Жамандык иштин болгонун,
Айтпаса деле көз билет.
Келгенин кара кагаздын,
Айталбайт Тагай мөгдүрөп.

Калтырбай ишти бүдөмүк,
Кайгысын айта жүрөлүк.
Машыгып жүргөн кезинде,
Маанилүү ишти аткарып,
Ал солдат уйкуга кеткен түбөлүк.





## *Кол кармашып жүрөлүк*

Күңүрттөнүп Ак-Бууран да пас агып,
Калбадыңбы начар шаар аталып.
Кан жыттанган абалыңды көргөндө,
Кайгыргандан кетти көздөн жаш агып.

Сыйынышкан Жаратканга күнү-түн,
Алласынан үзбөй такыр үмүтүн.
Кыргыздарга "жихад" дешип кыйкырган,
Молдолордун кылган иши курусун.

Азан айткан түн ичинде экиде,
Белги берип козголоңдун четине.
Эки жүздүү адамдарды чогултуп,
Түкүрөйүн дедим эле бетине.

Коон, дарбыз өстүрүшүп талаада,
Өзбектер түшкөн эмес санаага.
А кыргыздар тоо аралап мал багып,
Туш болбогон бүгүнкүдөй "балаага".

Ай көрүнүп чыгаарында баш багып,
Турган кезде сулуу кыздар назданып.
Күтүүсүздөн ок атылып көчөдөн,
Кетпедиби мылтык үнү жер жарып.

Көчөлөрдө унаалар көп кыйраган,
Окко учуп набыт болду кыйла адам.
Өлүп жаткан көчөдөгү адамды,
Бир адам жок өлгөндөрдү жыйнаган.

Сулуу эле Оштун көркү аябай,
Көчөлөрү бойго жеткен баладай.
Өрттөп кетти мыкаачылар үйлөрдү,
Ош шаарынын кооздугун карабай.

Түтүн каптап, мылтык үнү жаңырып,
Ушакчыга жакшы шылтоо табылып.
Таштап коюп кооз шаарын кете албай,
Калбадыбы жаштар окко кабылып.

...Өзбек кыздын көшөгөсү көгөрүп,
Хасанбайлар, хусанбайлар төрөлүп.
Тоону көздөй аксакалы кыргыздын,
Кетчү эле го небересин өңөрүп.

Ажырашса жылуу-жумшак коштошуп,
Өзбек, кыргыз жүрүшчү эле достошуп.
Жаштар болсо сүйүп калса бир-бирин,
Түбөлүккө жашап калчу баш кошуп.





Өзбек кыздан төрөлгөн бул неберем,
Эмнегедир жакшы көрөм аны мен.
Кудам келсе салам айтып кыргызча,
Көк чай ичип олтурчу элек дембе-дем.

Ал мактаса Улукбекти, Бабурду,
Мактачумун Чыңгыз менен Сабырды.
Эскергенде баатырдыгын Манастын,
Айтсаң дечү баатырыңдан да бирди.

Ушул ишти кара шайтан айдады,
Чагымчылар бардык ишти жайлады.
Топтоо үчүн саясатта упайды,
Келип алып "бузукулар" кайдагы.

Токтосо экен эки улуттун чатагы,
Авасы Оштун ысык келип жатабы?
Өзбекче театр бар, университети дагы бар,
Аларга азыр кыйроо жетпей жатабы?

Калтырбайлы оюбузду бүдөмүк,
Биздин достук бекем болсун түбөлүк.
Куда болуп, тууган жана дос болуп,
Келгилечи кол кармашып жүрөлүк.

* * *

# МАЗМУНУ


Кара-Кулжам.........................................9
Керилип кетмен чаппасак........................ 10
Ак калпак........................................... 10
Кекилик..............................................11
Тийишип көздөр көздөргө ............................11
Сулуулар ........................................... 12
Бүркүттөр.......................................... 12
Ак чачтар........................................... 12
Таасир берчү сезимге ............................... 13
Ишкабандын сабизи...................................14
Ноокаттын Кара-Койунан ............................14
Барсыңарбы агайлар ................................15
Көчөң менен баратып ............................. 16
Айтса болмок...................................... 17
Калтырып бизди..................................... 18
Карып кетет окшодум ...............................19
Ордолуу Ошум гүлдөсүн...........................20
Айымдар ..........................................20
Кош бол эми иштеген жер............................21
Алча кыштагы........................................22
Ким койду экен?......................................23
Бардың беле Үч-Көлгө .............................23
Чыкпайт дайым эсимде ...............................24
Насыят...................................................25
Жалгыз өсүп калганмын...........................26
Травматологияда.....................................27
Басып калдык жай гана..........................28
Мейличи кыздар эрке өссүн.........................28
Куруп калсын "ушибиң"...........................29
(райондук оорукананын травматология бөлүмүнүн башчысы Таир Болотовго)..........29





.....................................................31
Жаш улгайып ..........................................32
Изим калды артымда (жубайым Саткынга) .....33
Карылык ............................................33
Ийгилик болсун ишинде ..........................33
(дарыгер кызым Бактыгүлгө)........................34
Дарт качат дарыгери жакшы болсо...............35
Тоолуктар..............................................36
Бекер эле...............................................36
Жолугам деп...........................................37
Коюп койдум мурутту ...............................38
Чакан-Таш.............................................39
Ушул жерде сыр барбы..............................40
Тилегим..................................................41
Шыбырайт толкундары Ысык-Көлдүн.............41
Эс алуучу жайы болуп..............................43
Москвадагы кыргыз коммерсанттарына.........44
Үнү мага угулат.....................................45
Көңүлүм калды арактан..............................46
Дос улуу..................................................47
Нан ыргытат...........................................48
Сөз менен койдуң гүлдөтүп.........................49
Жарыкты сен көргөздүң.............................51
Сая Терек..............................................51
Чарчаган кезде эстей жүр...........................53
Кашка-Суу жайлоосунда..............................54
Сыр турат..............................................55
Сары-Челек............................................55
Көрө албастык.........................................56
Көрдүң беле...........................................57
Бир турабыз...........................................58
Коммерсанттан алып кал...........................59
Аңкыса жыты Буйганын............................60
А.Максутовго куттуктоо.........................

Мазактайсың Молтой деп..........................61
Капыстан бизди кармады..........................64
Кара-Чунак..........................65
Жолдоштук азилдер..........................71
Төрт саптар..........................73
Кармадыңбы балыкты..........................77
Чындык үчүн..........................77
Суранбайды эскерип..........................78
Өзгөнүм..........................82
Падыша Ата (пачата) баяны..........................84
Жакшы аял деп..........................88
Танкабай..........................88
Кайсы завод жаратты..........................89
Өмүр өттү..........................89
Кантээр элең..........................89
Сыздайт эне жүрөгү..........................90
Ойлосом анда..........................92
Ээрчитип алып кетсемби..........................93
Жолуккум келет..........................93
Сындадың..........................94
Убада кылба..........................95
Жездем Маматеминге..........................96
Чакан-Таш менен сырдашуу (поэма)..........................97
Буйгалык келиндин арманы (поэма)..........................106
Кол кармашып жүрөлүк..........................113



*Максутов Асылбек*

# *ЧАКАН ТАШ*

Түзгөндөр:

Редактору Жумашев А.
Корректору Жусуева Ж.
Дизайнери Абдырашитов К.

Басууга 28.11.2011-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70x90 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 7,5 б. т. Нускасы 500. Заказ № 790.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький көч., 1.

Бул китептин
демөөрчүсү
Элдияр МАКСУТОВ



